# МУНИЦИПАЛИТЕТ

**ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | Декабрь 2018-Январь 2019 | № 12-1 (86-87) чыгарылышы**

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

**ЖӨБ Союзунун жаңылыктары**

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкарууларынын Союзу Сиздерди келе жаткан 2019-Жаңы жылыңыздар менен куттуктайт! ........ 2

ЖӨБ органдары жана мамлекеттик органдар көйгөйлүү маселелерди талкуулашты ........ 2

Жергиликтүү бюджетте аймактарды өнүктүрүү үчүн каражат жетишпей жатат. КР Президентине кат ........ 3

**ЖӨБ Союзу байланышта**

ТСКАКБ инфраструктурасы жөнүндө ........ 6

Муниципалдык ишкананын директору жөнүндө ........ 7

Бала бакча үчүн мектепке караштуу жер участогун бөлүп берүү жөнүндө ........ 7

Жергиликтүү кеңештер үчүн сот приставы жөнүндө ........ 7

**Аймактарды өнүктүрүү**

Аймактарды өнүктүрүү: Кыргызстандын жаңы шаарлары жана аларды түптөөгө ким тоскоол болуп жатат? ........ 8

**ЖӨБдүн мыкты практикасы**

АЙМАКТАРДЫН ФОРУМУ: Кыргыз Республикасынын аймактарынын экономикалык өнүгүүсүндө ЖӨБдүн мүмкүнчүлүктөрү ........ 15

**ЖӨБдүн финансысы**

ЖӨБ органдары мамлекеттик сатып алууларды башкаруу көндүмдөрүн өркүндөтүүдө. Кадыресе каталарды кантип болтурбай койсо болот? ........ 22

**Социалдык кызмат көрсөтүүлөр**

Кайырмак менен балыктын ортосунда калган социалдык коргоо ........ 26

**ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары**

Көк-Жар ААда жарандарды бюджеттик процесске тартуу жана жергиликтүү маанидеги маселелерди биргелешип чечүү практикасы боюнча тажрыйба алмашуу ........ 30

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Нургүл Жаманкулова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***
Дизайн жана жасалгалоо
***Адил Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***
Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.
**Журнал акысыз таркатылат,**
бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.
**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29
Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

# ЖӨБ СОЮЗУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

## Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкарууларынын Союзу Сиздерди келе жаткан 2019-Жаңы жылыңыздар менен куттуктайт!

Кирип келе жаткан жаңы жыл Сиздер үчүн жакшылыктын, жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн жана жетишкендиктердин жылы болсун. Сиздер менен чогуу жасаган аракетибиздин акыбетинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу институтун күчтүү институтка айлантуубузга жана мындан ары да жигердүү жана жемиштүү кызматташууга ишеним билдиребиз. Сиздерге жана жакындарыңыздарга чын ден соолук, майрамдык маанай каалоо менен алдыга койгон максаттарыңыз орундалышына чын дилибизден тилектешпиз. Кирип келе жаткан Жаңы жыл тынчтыкты, өз ара түшүнүшүүнү жана эртеңки күнгө ишенимдүүлүктү алып келсин. Эл үчүн жасап жаткан ишиңизди ийгиликтер коштосун!

## Жергиликтүү бюджетте аймактарды өнүктөрүү үчүн каражат жетишпей жатат. КР Президентине кат

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.Ш. Жээнбековго**

**Урматтуу Сооронбай Шарипович!**

Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу биздин мамлекетибиздин конституциялык курулушунун негизин түзгөн, коомдогу өз алдынча башкаруунун туруктуулугун мүнөздөгөн институттарынын бири болуп саналат.

Бүгүн мамлекетибиздин негизги Мыйзамына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу өзүнүн аймагында өзүнүн кызыкчылыгында өз алдынча жана өзүнүн жоопкерчилигинде жергиликтүү маанидеги маселелерди чечкенге кепилденген укук жана чыныгы мүмкүнчүлүктөрүнө ээ.

Учурда Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү турмуштун уюштуруусунун бардык тараптарын камтып, мамлекеттик бийликтин көпчүлүк функцияларын борбордон ажыратууга, жарандардын активдүүлүгүн стимулдаштырып бардык жергиликтүү маселелердин чечилишин аймактык коомчулукка өткөрүп берүүгө мүмкүнчүлүк берилген.

Өзүңүз билгендей акыркы жылдары бул багытта өлкөбүздө жакшы аракеттер жасалып келүүдө.

Ошондой болсо дагы бүгүнкү күнгө чейин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында чечиле элек маселелер бар болгондуктан мамлекеттик бийлик тараптан колдоого муктаж болуп турушат.

Эң маанилүүсү бул жергиликтүү бюджет. Сиздин 2018-жылды “Региондорду өнүктүрүү жылы” деп жарыялаган Жарлыгыңызда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишин каржылоонун натыйжалуу механизмин түзүүгө жетишибиз керек деп белгилегенсиз. Учурда 373, же болбосо 82 пайыз айыл өкмөтү өздөрүн каржылай албай республикалык бюджеттен дотация алууга мажбур. 2010-жылдан бери республикалык киреше 2,5 эсеге көбөйгөн болсо, жергиликтүү бюджеттин өсүү темпи 1,2 эсени гана түзгөн. Ал эми жалпы кирешелерден жергиликтүү бюджеттин үлүшү ушул

жылдары 24 пайыздан 13 пайызга түшүп кеткен.

2019-жылга республикалык бюджет жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарга жарандардан алынуучу киреше салыгынын чегерилүүчү көлөмүн 70 пайызга көбөйткөнү айыл өкмөттөрдүн муктаждыктарын чечпейт.

Анткени жарандардан алынуучу киреше салыгы жергиликтүү бюджеттин кирешесинин 30 пайызын түзөт. Анын ичинен 75,5 пайызы шаарларга түшөт, айыл өкмөттөргө 24,5 пайызы түшөт. Ал эми сатуудан түшкөн салык шаарларга караганда 17 пайыз, милдеттүү патенттерден ондон бир эле бөлүгү түшөт.

Дагы бир жылдап чечилбей келе жаткан маселе бул жергиликтүү бюджеттин жергиликтүү маселелерге гана багытталбай мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууга жумшалып жаткандыгында. Тактап айтканда мыйзамдарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик органдар өздөрүнүн ыйгарым укуктарын тиешелүү каражаттары менен өткөрүп берүүлөрү каралган. Бирок бүгүнкү күнгө чейин бир топ мамлекеттик органдардын функция жана ыйгарым укуктарын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мыйзам бузуу менен жергиликтүү бюджет эсебинен аткарып келишет.

Тиешелүү мыйзам кабыл алынгандан бери 5 жыл өттү. Тилекке каршы бүгүнкү күнгө чейин, Мамлекеттик статистика комитетинен башка бир дагы мамлекеттик орган айрым ыйгарым укуктарын мыйзамга ылайык өткөрө элек. Жыйынтыгында жергиликтүү маселелерге жумшалуучу жергиликтүү бюджет мамлекеттик органдарга тиешелүү укуктарын аткарууга жумшалып, көпчүлүк жергиликтүү маанидеги маселелер аткарылбай, же болбосо сапатсыз кызмат көрсөтүүгө келип такалууда.

Сиздин жарлыгыңыз менен быйылкы 2019-жыл "Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы" деп жарыяланды.

Былтыркы жылы бир топ тармактык жолугушууларды өткөрдүңүз. Мындай жолугушууларды өткөрүү, тармактык уюм-мекемелер менен түздөн түз пикир алмашуу иштин натыйжалуу жүрүшүнө өбөлгө түзөт жана маанилүү деп эсептейбиз.

Мындай жолугушуулар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн да өтө маанилүү. Жогоруда биз белгилеген көйгөйлөр көптүн бири гана. Сизге кайрылуубуздун бирден бир себеби бир көп жылдан бери жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын чогултуп, алардын маселелерин угуп, аймактарды өнүктүрүү боюнча пикир алмашуу багытында жолугушуу өтпөй келет. Сиздин катышууңузда жана Өкмөт башчынын, депутаттардын катышуусу менен республикадагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жолугушуу өткөрүлсө аларга жеткире турган маселелер арбын эле.

Ошону менен бирге, кабыл алынган мыйзамдар региондордун өнүгүүсүнө жана жергиликтүү жамааттарга таасир этүүсүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын көйгөйлөрүн чагылдырган Баяндаманы (Доклад) туруктуу негизде дайындоо да максатка ылайык деп ойлойбуз. Бул Баяндама ЖӨБ органдары тарабынан кер байланышты, алардын кызыкчылыктарын эске алуу механизми катары Өкмөткө көз каранды эмес, ЖӨБ органдарынын Союзу тарабынан даярдалуусун сунуштайбыз.

Өз учурунда, республикада жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын өкүлчүлүк кылуу жана алардын кызыкчылыктарын коргоо боюнча жалгыз легитимдүү орган катары ЖӨБ органдарынын Союзу бул жолугушууну натыйжалуу өткөргөнгө өз салымыбызды кошобуз деп билдирип кетебиз.

Терең урматтоо менен,
Кыргыз Республикасынын
жергиликтүү өз алдынча
башкарууларынын Союзунун
директору
***О. Б. Алманбетов***

# ЖӨБ органдары жана мамлекеттик органдар көйгөйлүү маселелерди талкуулашты

**Нуржан МАМЫРАЛИЕВА,**
ЖӨБ Союзу жана Өнүктүрүү саясат институту үчүн

Кыргыз Республикасынын бардык облустарындагы айыл өкмөт башчылары жана жооптуу катчылар, шаар мэрлери жана мэрия аппаратынын жетекчилери жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (ЖӨБ) ишинин эффективдүүлүгүн, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана муниципалдык кызматтын кесипкөйлүгүн жогорулатуу маселелери боюнча окуудан өтүштү. Иш-чара 2018-жылдын 22-октябрынан 12-декабрына чейин өттү. Ага 724 адам, анын ичинде 259 аял катышты.

Бул иш-чара бир нече мекеменин биргелешкен демилгесинин натыйжасы болуп калды. Алар: Кыргыз Республикасынын Өмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик (мындан ары – ЖӨБЭММА), Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы, Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкарууларынын Союзу, Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария өкмөтү каржылаган "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" Долбоору (мындан ары – ЖДККЖ Долбоору), Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору (мындан ары – ЭҮЖӨБОЖ Долбоору). Окуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишиндеги актуалдуу маселелерге арналды.

Иш-чарага финансылык колдоо көрсөткөн ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВ белгилегендей, төмөнкүдөй практикалык маселелер талкууланды:

- муниципалдык кызматтан өтүү, бош кызмат орундарына конкурс өткөрүү тартиби жана муниципалдык кызматчылардын ишин баалоо;
- ЖӨБ органдарынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиясын түзүү жана иштөө тартиби;
- муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жергиликтүү реестрин түзүү тартиби;
- ЖӨБ органдарынын биригүү (ассоциацияларды жана союздарды түзүү) укуктары, КР ЖӨБ Союзунун максаттары, милдеттери жана ишинин жыйынтыктары.

ЖӨБЭММАнын өкүлдөрү ЖӨБ органдарынын ишинде пайда болгон орчундуу маселелерди катышуучулар менен бирге талкуулап, төмөнкүлөр тууралуу маалымат беришти:

- «2018-жылды Региондорду өнүктүрүү жылы деп жарыялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгын жана КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-мартындагы №107-б буйругу менен бекитилген 2018-2022-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасынын региондук саясатынын концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын аткаруу боюнча ЖӨБЭММА өткөргөн иш-чаралар тууралуу;
- КР Экономика министрлигинин 2018-жылдын 15-майындагы №63-А жана ЖӨБЭММАнын 2018-жылдын 16-майындагы № 01-18/56 "Шаарлардын жана айылдык аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын иштеп чыгуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн методикалык колдонмону бекитүү жөнүндө" Буйруктары;
- айрым муниципалитеттерде жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн тегерегиндеги жалпы кырдаал жана "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү тартиби жөнүндө" Мыйзамды ишке ашыруу боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө;
- 2018-жылдын 10-августундагы Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелери жөнүндө Кодекси тууралуу.

Мамлекеттик кадр кызматынын өкүлдөрү окуу процессинде төмөнкү темаларды ачып беришти:

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматында жана муниципалдык кызматында конкурс өткөрүүнүн жана кызматка көтөрүлүүнүн тартиби жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акысын төлөө шарттары жөнүндө.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун эксперттери иш-чаранын катышуучуларына төмөнкүлөр тууралуу айтып беришти:

- 2019-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирип жаткан КР Бузуулар жөнүндө кодекси тууралуу, бул Кодексте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча ыйгарым укуктары тууралуу;
- ЖӨБЭММАнын 2018-жылдын 17-октябрындагы №01-18/29 буйругу менен бекитилген, КР Бузуулар жөнүндө кодексине ылайык иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиялары тууралуу Типтүү жобо жөнүндө айтып беришти. Анын ичинде бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиянын ишин уюштуруу тариби, анын курамын түзүү, комиссиянын ыйгарым укуктары, административдик айып салуунун (айыппул, эскертүү) тартиби жана айып салуу жөнүндө токтомду аткаруу тартиби тууралуу да сөз болду.

ЖДККЖ Долбоорунун эксперттери катышуучу-



ларды төмөнкүлөр менен тааныштырышты:

- КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 5-февралындагы №80 Токтому менен жаңыланган Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрүнүн базалык реестри менен;
- муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча реестри түшүнүгү менен; муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча реестрин түзүү жана бекитүү тартиби менен;
- муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары менен.

Кыргыз Республикасынын ЖӨБ Союзунун өкүлдөрү катышуучуларга төмөнкүлөр тууралуу маалыматтарды беришти:

- ЖӨБ органдарынын биригүү (ассоциацияларды жана союздарды түзүү) укугу жөнүндө;
- КР ЖӨБ Союзунун максаттары жана милдеттери жөнүндө;
- КР ЖӨБ Союзунун ишмердиги жөнүндө.

ЖӨБ органдарынын жолугушууларынын жүрүшүндө мамлекеттин алдына жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга бут тоскон көптөгөн көйгөйлөр коюлду. Алар:

- жаңы конуштарга электр жарыгын жеткирүү, өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды каржылоо, ЖӨБ органдарынын кызыкчылыктарын коргоо маселелери;
- кадр маселелери: убактылуу кызматкерди бош орунга милдеттерди аткаруучу катары жалдоо мүмкүнчүлүгү тууралуу; муниципалдык кызматчыга карата тартиптик жаза чара колдонуу жөнүндө; АӨ башчыларына класстык чин ыйгаруу жөнүндө; мамлекеттик кызматтан муниципалдык кызматка өтүүдө класстык чиндерди ыйгаруу жөнүндө; бош кызмат орундарына конкурстан өтүү жөнүндө; кызматкерлердин ишине баа берүү жөнүндө;
- бузуулар боюнча комиссиянын ишин каржылоо, келтирилген зыяндын ордун толтуруу, айыптарды төлөө, айып төлөмдөрдүн жергиликтүү бюджетке түшүүсү жана башка маселелер.

Алыскы аймактарда адистердин тартыштыгын эсепке алуу менен, катышуучуларды өзгөчө кадр маселелери тынчсыздандырды. **Ош облусунун Алай районундагы Бүлөлү айыл өкмөтүнүн башчысы АРТЫКОВ Бакыт** алыскы айылдык аймактарда ички миграция күчөп турганын, жаш адистер борбордук шаарларга жана райондорго же чет өлкөлөргө кетип жатканын белгиледи. Адистер таштап кеткен кызмат орундар жылдар бою бош тура бериши ыктымал, талапка жооп берген адистер жок, бар болгон күндө деле талапкерлер конкурстан (тесттен) өтүшпөйт. Бардык квалификациялык талаптарга жооп берген кызматкерлерди табуу дээрлик мүмкүн эмес. Мына ушул



жагдайларды эсепке алуу менен, АРТЫКОВ жок дегенде кенже кызмат орундарына конкурстук тандоо талабын алып таштоону сунуштады. Мындай учурда АӨ башчылары адистерди ишке сыноо мөөнөтү менен өздөрү эле алмак. Ошондой эле АРТЫКОВ муниципалдык кызматчыларды ишке алуунун жол-жоболорун калкынын саны аз болгон, квалификациясы жогору адистер тартыш болгон АА үчүн ыңгайлаштырып берүүнү өтүндү.

**Баткен облусунун Кадамжай районундагы Бирлик айыл өкмөтүнүн башчысы МАКАНБАЕВ Жыргалбек** жогорку билимдүү адамдар айлык акынын аздыгынан улам айыл башчысы болуп иштегиси келбей турганын белгиледи. “Биздин айылдын жашоочуларынын басымдуу бөлүгү орто билимдүү. Айыл башчы тууралуу кеп козгогондо, баары эле түшүнүп турат – бул аксакал болушу керек, жогорку билими барбы же жокпу, буга карабастан айылда аброю жогору болушу абзел. Айыл башчылары үчүн билим деңгээлине (орточо-атайын билим) карата квалификациялык талаптарды алып салууңарды өтүнөбүз. Ошондо бизде кадыр-баркы жогору, айылдагы абройлуу адамдарды айыл башчысы кылып шайлоо мүмкүнчүлүгү пайда болмок”, - деп сунуш кылды МАКАНБАЕВ.

Мектептерди жана бала бакчаларды кармоо жана бул объекттерди Билим берүү министрлигине өткөрүп берүү маселеси да көтөрүлдү. Себеби бюджеттик каражаттардын тең жарымы ушул объекттерди кармоого эле кетип калат.

ЖӨБЭММАнын статусун көтөрүү жана ЖӨБ органдарынын кызыкчылыктарын коргоо боюнча анын ыйгарым укуктарын кеңейтүү сунушталды. Катышуучулар бүгүнкү күндө ЖӨБЭММАнын ЖӨБ органдары менен байланышы чабал болгонун, бул мамлекеттик орган ЖӨБ органдары менен башка маморгандардын ортосундагы көпүрө боло албай, ЖӨБОнун кызыкчылыктарын коргой албай жатканы айтылды. “Мурда ЖӨБЭММА муниципалитеттер менен тыгыз иш алып барчу, бардык айыл өкмөттөрдүн башын бириктирип, алар менен чогуу көйгөйлөрдү талкуулап, прокуратура органдарын да бул талкууларга чакырчу. Азыр да баарын чогултуп, АӨнүн көйгөйлөрүн угуу зарыл болуп турат. Бул талкууларга прокуратура органдары жана башка мамлекеттик органдар да катышсын. ЖӨБЭММАнын статусун улуттук деңгээлге чейин көтөрүш керек. Мурдагыдай ма-



милелерди калыбына келтирсек жакшы болмок”, - деп айтты **Кадамжай шаарынын мэри Бактыбек БЕГАЛИЕВ**.

Бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссияларга карата сунуш берилди: чөптү тебелөө боюнча тартип бузууну Бузуулар жөнүндө Кодекске киргизип, аны ЖӨБ органдарынын комиссиясынын кароосуна өткөрүп берүү сунушталды. Жашоочулар чөптү тебелеген тартип бузуучуларга карата тиешелүү чара көрүүнү талап кылып, баары бир ЖӨБ органдарына кайрылып жатышат. Ошондой эле өзүнчө штаттагы кызматкер керек же бузуулар боюнча комиссиянын төрагасына маяна төлөш керек.

**Талас облусунун Манас районундагы Кайыңды айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы РИЗАЕВА Р.** бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиянын мүчөлөрү үчүн өзүнчө окууларды өткөрүүнү сунуштады.

**Жалал-Абад облусунун Ноокен районунун Шайдан айыл өкмөтүнүн башчысы** комиссиянын ишин практикада ишке ашыруу кыйын болгонун айтты. “Донорлор тараптан консультациялык колдоо талап кылынат. Пилоттук бир айыл өкмөттү тандап алып, бузуулар боюнча комиссиянын ишин талаптагыдай деңгээлге чыгарып, андан соң комиссиялардын тажрыйба алмашуу сапарларын уюштуруп берсеңер жакшы болмок”, - деп белгиледи ал.

Окуулар баяндамалар, суроолор жана жооптор менен коштолуп, талкуу форматында өттү. Катышуучулар көптөгөн суроолоруна эксперттерден ачык жана так жоопторду алышты. Ошондой эле практикалык мисалдардын жана баяндамалардын негизинде мыйзамдардын айрым нормалары боюнча түшүндүрмө алышты. Семинардын катышуучулары суроолорго алган жоопторго канааттанып, тренингдеги материалдар пайдалуу, маалыматы көп, колдонууга алгылыктуу болгонун белгилешти.

**Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы Октябрь айыл өкмөтүнүн башчысы Бактыбек АКМОЛДОЕВ** өтө көп пайдалуу маалыматтардан тышкары, ишке стимул алганын да белгиледи. Анын баамында мындай семинарларды системалуу түрдө өткөрүп туруу муниципалдык кызматчылардын билим деңгээлин жогорулатууга, ишин мыйзамдын алкагында аткарууга көмөктөшмөкчү.

Семинар катышуучуларга мамлекеттик органдардын өкүлдөрү жана эксперттер менен чогуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүн жөнгө салган документтерди, ошондой эле ЖӨБ органдарына жана муниципалдык кызматка тиешелүү башка актуалдуу маселелерди ачык, конструктивдүү, эки тараптуу диалог форматында талкуулап алууга шарт түздү.

Мындай масштабдагы жолугушуулар биринчи жолу өтүп жаткан жери жок. Бир жыл мурда ЭҮЖӨБОЖ Долбоору ЖӨБЭММА жана ЖӨБ Союзу менен биргеликте башка темалар боюнча ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү үчүн ушундай эле жыйындарды өткөргөн.

# ЖӨБ Союзу байланышта

- ТСКАКБнын инфраструктурасы жөнүндө

## Кайсы нормалар жана мыйзамдар менен ЖӨБ органы ТСКАКБдын балансындагы инфраструктураны өзүнүн балансына которо алат?

“ЖӨБ жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык калкты ичүүчү суу менен жабдуу жергиликтүү маанидеги маселелердин катарына кирет.

Ошону менен бирге аталган Мыйзамдын 19-беренесине ылайык, “жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жергиликтүү маанидеги айрым маселелерди аткарууну берилип жаткан жергиликтүү маанидеги маселелердин аткарылышынын каражаттарын же каржылоо булактарын бир убакта аныктоо жана өткөрүп берүү менен юридикалык жана жеке жактарга өткөрүп берүүгө укуктуу”.

“Ичүүчү суу жөнүндө” КР Мыйзамынын 9-беренесине ылайык, айыл жерлеринде чарбалык-ичүүчү суу менен жабдуу тутумдарын (суу түтүктөрүн, курулуштарын) пайдалануу менчик (суу түтүктөрүнүн, курулуштарынын) ээси менен түзүлгөн келишим

боюнча жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 2-февралындагы №59 “Айылды суу менен камсыздоо системаларын ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмелеринин балансынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын балансына өткөрүп берүү жөнүндө” Токтому менен балансында айылды суу менен камсыздоо объектилери бар таза сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмелерине аларды белгиленген тартипте өз балансынан айылдык округдардын айыл өкмөттөрүнө балансына акысыз өткөрүп берүү сунушталсын деп каралган.

Согласно статье 1 этого же закона, хозяйственно-питьевое водоснабжение – это деятельность соответствующих **предприятий и организаций**, направленная на обеспечение потребностей людей в воде для хозяйственно-питьевых и коммунально-бытовых целей.

Бул токтомдо айылды суу менен камсыздоо системалары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын менчигине өткөрүп берилген учурдан баштап жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аларды таза сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмелеринин башкаруусуна өткөрүп берери белгиленсин деп көрсөтүлгөн.

Айылды суу менен камсыздоо системалары айыл өкмөттүн балансында болот, айыл өкмөтү анын ээси, ал эми ТСКАКБ башкарууну жүзөгө ашырат.

ТСКАКБга башкарууну өткөрүп берүү макулдашуунун негизинде жүргүзүлөт.

• Муниципалдык ишкананын директору жөнүндө

## Айылдык кеңештин депутаты муниципалдык ишкананын директору боло алабы?

“Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 5-беренесине ылайык, “депутаттык ыйгарым укуктарды ошондой эле республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен тиешелүү айылдык аймактын же шаардын калкына кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик же муниципалдык ишкананын, мамлекеттик же муниципалдык билим берүү жана саламаттыкты сактоо мекемесинин жетекчисинин кызмат орду менен айкалыштырууга болбойт”.

• Бала бакча үчүн мектепке караштуу жер участогун бөлүп берүү жөнүндө

## Бала бакча куруу максатында мектептин аймагынан жер тилкесин кантип бөлүп алса болот?

Эгерде мектеп муниципалдык мекеме болсо, КР Жер кодексине ылайык, ал жайгашкан жер участогу да муниципалдык менчикке кирет. Муниципалдык бала бакча курууга тыюу салынган эмес. Жер жалпы жоболордун негизинде бөлүнөт. Ошону менен бирге мамлекеттик талаптарга ылайык, мектептерде стадиондор болууга тийиш. Стадиондун аймагында бала бакчаны куруу мыйзамсыз болот.

Мындан тышкары жеке бала бакчанын курулушу үчүн жер бөлүп берүү “Билим берүү жөнүндө” мыйзамга каршы келет, себеби окуу жайларынын имараттары (жерлери) менчиктештирилбейт жана сатууга жатпайт.


• Жергиликтүү кеңештер үчүн сот приставдары жөнүндө

## Аймактык сот приставдар бөлүмүнүн сот приставы жергиликтүү айылдык кеңештин депутаты боло алабы?

Сот приставдары жөнүндө мыйзамга ылайык, пристав мамлекеттик кызматчы болуп саналат. “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” мыйзамдын 5-беренесине ылайык, депутат башка аймактагы мамлекеттик кызматта иштесе, жергиликтүү кеңештин депутаты боло алат.

M

Уландысы. Башын “Муниципалитет” журналынын 2018-жылы чыккан №11 (85) санынан таба аласыз.





*Дүйнөлүк банктын Кыргыз Республикасындагы кеңсесинин уруксаты менен басылып чыкты.*

**Алистер БЛАНТ, Манджуша РАЙ, Раушанна САРКЕЕВА**
Дүйнөлүк банктын буюртмасы менен, 2017-жыл.

# Аймактарды өнүктүрүү: Кыргызстандын жаңы шаарлары жана аларды түптөөгү ким тоскоол болуп жатат[1]?

[1] Шаарлардын “Жашыл өсүшү” боюнча аналитикалык жазуулардын бөлүгү. Макаланын аталышын “Муниципалитет” журналынын редакциясы сунуштады.




*Булагы: Enabling GrEEEn Cities: An Operational framework. 2014/ ADB Policy*

***1-сүрөт. “Жашыл өсүштү” киргизүүнүн операциялык схемасы***
***(булагы: Green Solutions for Liveable Cities, Sonia Chand Sandhu Ramola Naik Singru John Bachmann Vaideeswaran Sankaran Pierre Arnoux ADB, 2015)***

# Шаардын өнүгүүсүндө “Жашыл өсүш” моделине өтүү

## “Жашыл өсүштүн” аныктамасы

“Жашыл өсүш”[1] – бул туруктуу экономикалык өсүштүн жаңы парадигмасы. Ал жалгыз гана экологияга камкордукту караштырбайт. Мындай мамиле өлкөнү өнүктүрүүдө кыска мөөнөттүү жетишкендиктердин ордуна узак мөөнөттүү кызыкчылыктарга багыт алган жана айлана-чөйрө менен экономикалык өсүш маселелерин гана эмес, ошондой эле адилеттүүлүк түшүнүгүн да камтыйт. Өзгөрүүлөр, өнүгүү туруктуу, башкача айтканда үзгүлтүксүз болууга тийиш.

[1] “Жашыл өсүш” үчүн кыймыл башында табигый ресурстар түгөнүп бараткандыктан аларды акылга сыярлык ыкмалар менен колдонуш керек деген тынчсыздануунун негизинде түзүлгөн. Кийинчерээк “булганыч” өнүгүү узак мөөнөттүү терс кесепеттерге алып келээрин моюнга алышты. Мисалы, мындай өнүгүү абаны гана булгабастан, ошону менен бирге азыркы муундун саламаттыгына да зыянын тийгизип, муну менен кошо глобалдык жылуулук аба ырайынын кескин өзгөрүп турууусуна алып келет. Мындай кесепеттер көпкө созулуп, мүлккө зыян келтирип, адамдардын өлүмүнө алып келет. “Айлана-чөйрө” артыкчылыктуу катары аныкталгандан кийин кыска мөөнөттүү келечекте “жашыл” шаардык өсүштү киргизүү өзүн актай турганы белгилүү болду. Ошондуктан мындай саясат экономикалык туруктуулукту эсепке алышы керек. Ошентип, “жашыл өсүш” экономикалык өсүштү да камтышы керек.

Туруктуу “Жашыл өсүштүн” ушул үч максатына жетүү үчүн мейкиндиктик, экономикалык жана социалдык пландоого жана өнүгүүгө комплекстүү мамиле жасаш керек. Мындан тышкары максаттарга жана сунушталган иш-аракеттерге карата консенсус болушу абзел. Өзгөрүүлөр/өнүгүү жамааттын мүчөлөрү үчүн эч из калтырбай (чыгашасыз) өтүп кеткен учурлар өтө сейрек. Бирок айрым тармактар жана коомдогу топтор үчүн программалар дайыма компромистүү мүнөзгө ээ болушу негизги максат эмес. Максат – бардыгы үчүн жашоо сапатын чындап жакшыртууга алып келген программаларды ишке ашыруу.

1-сүрөттө шаарлардагы жашоо сапатын жакшыртуу процесси сүрөттөлгөн. Аны АӨБ иштеп чыккан. Шаарлардын азыркы абалынан ойдогудай “жашоо үчүн ыңгайлуу жана туруктуу” шаардын абалына өтүү өнүгүүнү пландоого карата комплекстүү мамилени караштырат. Комплекстүү мамиле кырдаалды дыкат анализдөөгө жана изилдөөгө негиздедет. Ал ошондой эле планды ишке ашыруу боюнча биргелешкен иш-аракеттер тууралуу, сунушталган курулушту/чөйрөнү жакшыртууну каржылоо ыкмалары тууралуу макулдашуу аркылуу кызыкдар тараптарды тартууну пландайт. Мындай макулдашуулардын натыйжасында шаарлардагы жашоо сапатын жакшыртуу боюнча иш-аракеттердин туруктуулугу***на жетүүгө болот.***

***"Жашыл өсүш" модели боюнча туруктуу өнүгүү*** планын иштеп чыгуу мейкиндикти пландоого карата комплекстүү, интеграцияланган мамилени караштырат. Ал болсо өнүгүүнүн максаттарына жетүү үчүн мейкиндикти/объекттердин жайгашуусун пландоо жетишсиз экенин тааныйт. Пландоо боюнча бардык адистер мейкиндиктик чечимдер, экологиялык маселелер жана өнүгүүнүн социалдык-экономикалык формалары ортосундагы өз ара байланыш бар экенин түшүнүшү керек. Мындай мамилени киргизүү үчүн финансылык план жана институционалдык өнүгүү планы зарыл. Ошондой эле пландоонун түрдүү этаптарына кызыкдар тараптарды тартуу зарыл.

## "Жашыл өсүштүн" принциптери

"Жашыл өсүштүн" шаардын жана аймактардын өнүгүүсүнө карата мамилесинин соңку максаты – бул адамдын жашоосу үчүн сейрек чөйрөнү жаратуу, ал чөйрө кимдир бирөөнүн укуктарын бузбастан жалпысынан жергиликтүү жамааттын өзүн өзү өнүктүрүүсү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берет.

Мындай элес үч "түркүккө" негизделет: экономикалык өнүгүү, айлана-чөйрөнү коргоо, пайдалардын жана чыгымдардын акыйкат бөлүштүрүлүшүн камсыздоо (өнүгүүнүн инклюзивдүүлүгү). "Жашыл өсүштүн" өзөгү – туруктуу өсүш. Ошондуктан үч "түркүк" тең принцибинде оң өзгөрүүлөрдү колдоого багытталган.

### *ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ*

Шаарларда жакырчылыктын деңгээли төмөн. Себеби чийки заттын басымдуу бөлүгү шаарларда кайра иштетилет жана ушул эле жерде кошумча нарк түзүлөт. Бул болсо инвесторлорго менчикти жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга реинвестиция жасоого шарт түзөт. Бул болсо жаңы жумушчу орундар түзүлүп, шаардыктарда жакшы акча табууга мүмкүнчүлүгү жогору дегенди билдирет. Шаар аймакта/облуста инвестициялардын чордону боло алат, ал эми регион шаардын айыл чарба жана башка продукттарына болгон суроо-талаптарын канааттандыруунун эсебинен пайда таба алат. Бирок шаарлар жана башка калктуу конуштар рынок шарттарында иштешет жана чектелүү инвестициялар үчүн атаандашып келишет. Ошондуктан шаарлар:

- инвестициялар үчүн жагымдуу жер болгону,
- товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү дагы да жагымдуу баада өндүрүү үчүн өзүнүн жайгашкан жеринин жана колдо болгон ресурстарынын артыкчылыктарын колдонуу менен атаандаштыкка жөндөмдүү болгону,
- жакын жайгашкан райондор менен экономикалык жактан өз ара пайдалуу мамилелерди түзүү үчүн жергиликтүү продукттардын жана ресурстардын басымдуу бөлүгүн колдонгону өтө маанилүү.

### *АЙЛАНА-ЧӨЙРӨГӨ КАМ КӨРҮҮ*

Айлана-чөйрөгө кам көрүү био көп түрдүүлүккө кам көрүүнү гана эмес, климаттын өзгөрүүсүнүн кесепеттерине ыңгайлашууну да караштырат. Ал ошондой эле суунун, топурактын жана абанын булгануу деңгээлин азайтууну да өзүнө камтыйт. Бул компонентке төмөнкүлөр да кирет:

- углеводороддун чыгындысын жана катуу калдыктардын көлөмүн азайтуу максатында ресурстарды эффективдүү пайдалануу,
- шаар ичинде ары-бери каттоо убактысын кыскартуу максатында шаардык курулмаларды/кварталдарды пландоо,
- коомдук транспортту жана мотору болбогон транспортту колдонууну, жөө басууну жана велосипед менен жүрүүнү колдогон программалар,
- ачык мейкиндиктерди, айыл чарба жерлерин жана токойлорду сактап калуу,
- энергияны үнөмдөгөн курулуштар,
- катуу калдыктарды кайра ишетүү, экинчи жолу колдонуу, кыскартуу (4R мамилеси).

### *ИНКЛЮЗИВДҮҮ ӨНҮГҮҮ*

Адатта "инклюзивдүү" деп аталып жүргөн адилет өнүгүү шаардагы турмуш үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүдө негиз салуучу принцип болуп эсептелинет. Шаар тандалма катмар үчүн эмес, бардык жарандар үчүн ыңгайлуу болууга тийиш. Ошондуктан экология жана экономика маселелери менен катар, пландоочулар өз ишинде төмөнкүдөй принциптерди эсепке алышы керек:

- сунушталып жаткан өзгөрүүлөр баарына пайда алып келүүгө тийиш,
- калктын жакыр жана аялуу катмарларынын эсебинен (аларды кысымга алып четке кагып) өзгөртүүлөр сунушталбашы керек,
- базалык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк баарында болушу керек,
- шаардын жана айланадагы аймактардын байгерлиги баары үчүн, анын ичинде ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарга жана азчылыкка жетимдүү болууга тийиш.

### *ТУРУКТУУЛУК*

"Жашыл өсүштүн" өзөгүндө туруктуулук принциби да жатат. Ал төмөнкүлөрдү билдирет:

- финансылык туруктуулук: коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жана инфраструктураны тейлөөнүн баасы калк төлөгөн акча менен жабылат,
- жеткиликтүүлүк: кызмат көрсөтүүлөр баары үчүн алгылыктуу баада жетимдүү болушу керек,
- адилеттүүлүк: чыгымдарды "булгаган төлөйт" принциби боюнча акыйкат бөлүштүрүү (өтө көп керектегендер үчүн чоң өлчөмдөгү премиум баалар),
- ачык-айкындуулук: ачык финансылык башкаруу, өзгөчө келишимдерди түзүү (подрядчыны тандоо) этабында,
- эффективдүүлүк: "ошол эле акчага көбүрөөк баалуулуктар", "Кыскарт (керектөөнү) – Кайрадан пайдалан – Оңдо – Кайра иштет" циклинин жардамы менен калдыктарды кыскартуу;

- активдерди эффективдүү башкаруу: активдерди колдонуу жана тейлөө үчүн ресурстарды камсыз кылуу.

## "Жашыл өсүш" моделинин негиздемеси (актуалдуулугу)

"Жашыл өсүш" экономикалык өсүшкө көмөктөшөт, бирок ошол эле маалда айлана-чөйрөнү да жакшыртат. Ал жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аймакты дагы да жакшы (активдүү) башкарууга көмөктөшөт. Ал аймактар инвесторлор үчүн жагымдуу боло тургандай инфраструктуранын жана аймактын өнүгүүсүнө багыт көрсөтүп турат. "Жашыл өсүш" эки өнөктөшкө тең пайда алып келе тургандай, башка аймактар менен синергияга умтулат. Ал урбанизацияга шарт түзгөндөй экологиялык көйгөйлөрдү чечүүдө инновацияларга жана жаңы технологияларга дем берет. Ошентип инвесторлорго жана девелоперлерге өзүнө пайда табуу менен көйгөйлөрдү чечүүгө катышуу үчүн мүмкүнчүлүк берет. Ал калкка берилген кызмат көрсөтүүлөрдүн эффективдүүлүгүн жогорулатууга, инфраструктураны эффективдүү тейлөөгө көмөктөшөт. Бул болсо узак мөөнөттүү келечекте чыгымдарды азайтат.

"Жашыл өсүшкө" өтүү чектелүү ресурстарга аяр мамиле жасоо, био көп түрдүүлүктү коргоо, суунун жана абанын сапатын жакшыртуу дегенди билдирет. Мунун баары жарандардын саламаттыгына оң таасирин тийгизип, мунун натыйжасында продуктивдүүлүгүн да арттырат. Бул ошондой эле мамлекет үчүн да, жарандар үчүн да дарыланууга кеткен чыгашаларды да кыскартат. Ошондой эле пландоо улам өзгөрүп жаткан аба режимдерин, өзгөчө абанын чукул өзгөрүүсүн да эсепке алышы керек. Муну болсо дренаж системаларын долбоорлоонун нормаларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана көчкү жүрүү коркунучу жогору аймактарда курулушка тыюу салуу жолу менен ишке ашырса болот.

Шаарлардын инклюзивдүүлүгүн камсыздоо жумушка орноштуруу мүмкүнчүлүгү жана саламаттык көз карашынан гана эмес, буга чейин айтылгандай, социалдык туруктуулук көз карашынан да маанилүү. Шаарда бардык топторго, анын ичинде жакыр жана аялуу топторго акыйкат мамиле жасалса, социалдык толкундоолор үчүн себеп да аз болот. Мектептер баары үчүн жеткиликтүү болсо, билим алууда артта калган балдар азайып, сабакка баргандар көбөйүп, болочок муун жакырчылыктын чегинде жашайт деген тобокелдик да азаят.

Соңунда Туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы өнүгүүнүн артыкчылыктары катары үч компонентти бөлүп карайт: жакырчылыктын деңгээлин азайтуу, экономикалык өсүш жана айлана-чөйрөнү коргоо. Бул болсо "Жашыл өсүш" принциптерин киргизүү үчүн жетиштүү жүйө болуп калууда.

## "Жашыл өсүш" моделине өтүү үчүн шарттарды түзүү

***Пландоо процесси***

Кайсы бир шаарда же райондо "Жашыл өсүш" саясатынын бардык үч элементин ишке ашыруу анчалык мүмкүн эмес. Бирок бул факт ушундай саясатты кабыл алуунун маанисин азайтпайт. Саясатка ылайык, бардык аймактар пландарды иштеп чыгып, анда үч элемент караштырган максаттарга жетүү да эсепке алынат. Албетте, саясаттын үч элементтеринин бирине жетүү башка чөйрөлөрдөгү узак мөөнөттүү жетишкендиктерге зыянын тийгизбеши керек. Адамдык да, финансылык да ресурстар, ошондой эле институционалдык жана укуктук ресурстар чектелүү болгонун тааныган, ошол эле маалда бардык элементтердеги кырдаалды кантип жакшыртса болоорун көрсөткөн так схеманы камтый турган стратегияны иштеп чыгыш керек. Бул үчүн кыска мөөнөттүү жана орто мөөнөттүү жыйынтыктар үчүн так мак-

### Сим Рип, Камбоджа: Экологияны жакшыртуу боюнча долбоор чөнтөгү жука шаардыктардын кирешесин көбөйтүп, аялдарга акча табууга мүмкүнчүлүк бермек

Сим Рип – туристтик потенциалы жакшы, ыкчам өсүп келаткан шаар. Бирок мейманканалар жана жеке турак үйлөр кир сууну шаардын батышындагы каналга агызышат. Бул канал кароосуз калгандыктан жана тегерегин бойлой үйлөр курулгандыктан катуу булганган. Тазаланбаган агып чыкма суулар Тонле Сап көлүнө барат же жерге сиңип, топурак алдындагы сууну булгайт. Бул болсо жергиликтүү элдин жана туристтердин саламаттыгына, ошондой эле Тонле Сап көлүнүн чабал экосистемасы үчүн коркунуч жаратууда. Меконг дарыясынын дельта туризми боюнча долбоор шаардын батыш бөлүгүндөгү канализацияны калыбына келтирди, система менен жаңы байланыштарды түздү, батыш бөлүктөгү 17 000 адамдан келген агып чыкма сууну кайра иштетүү үчүн турукташтыруучу көлмө курду, санитария жана саламаттык сактоо боюнча жамааттык программаларды даярдады. Натыйжада 2002-2012-жылдар мезгилинде туризм беш эсе өстү, ташкын суулардын саны кыскарды, канализациялык системага кошулуунун натыйжасында 20 миң үй-бүлөнүн саламаттыгы оңолду, түнкү базар ачылды, бул жерде 200 соодагер аял жана 600 алып-сатаар үчүн жумуш орундары түзүлдү. Ошондой эле туризмден түшкөн киреше өсүп, бул райондо жашагандардан Камбоджанын башка райондоруна акча которгондордун саны көбөйдү.

*Булак: Ramola Naik Singru: Regional Balanced Urbanization for Inclusive Cities Development: Urban–Rural Poverty Linkages in Secondary Cities Development in Southeast Asia; ADB 2015*

саттуу багыттарды аныктап алуу зарыл. Бул болсо узак мөөнөттүү максаттарга жетүүдөгү прогресске көз салып турууга жардам берет. SMART1-көрсөткүчтөрүн эсепке алуу менен мониторинг системасын иштеп чыгуу милдеттүү шарт жана зарыл болгон түзөтүүлөрдү киргизгенде жооптуу органдарга өтө чоң жардамы тиет.

Пландоо процесси шаардын же калктуу конуштун элесин макулдашуудан башталат. Андан соң учурдагы кырдаалга анализ жасалат. Бул анализ узак мөөнөттүү элеске карата үч элемент үчүн өлчөнөт. Кемчиликтерди аныктоо үчүн SMART2-анализин колдонсо болот. Андан соң Иш-аракеттер планы даярдалып, ал биринчи кезекте муктаждыктарды канааттандырууга/"кемчи ликтерди" кыскартууга багытталат. Мында колдо болгон каражаттар, институционалдык потенциал жана укуктук, жол-жоболук чектөөлөр эсепке алынат. Бул процесске мүмкүн болушунча көбүрөөк кызыкдар жактар тартылып, ал өзүнө улуттук саясаттын жана программалардын интеграциясын камтышы керек. Өнүктүрүү саясат институту GIZ3 финансылык колдоосу менен даярдаган Аналитикалык жазууда (мында улуттук артыкчылыктарды жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктары менен макулдашуу принцибине негизделген социалдык-экономикалык өнүгүүнү пландоонун модели сүрөттөлөт) белгиленгендей, тармактык саясаттардын жана программалардын горизонталдык же вертикалдык интеграциясында, ошондой эле пландарды даярдоо процессинде борбордук жана жергиликтүү бийлик органдары ортосундагы байланышта чектөө бар. Мындан улам бул эффективдүү ишке ашышы үчүн ушул структуралык көйгөйдү өкмөт менен кошо чечиш керек.

Аймактык өнүгүү пландарын иштеп чыгуу бул процесстин маанилүү бөлүгү болуп эсептелинет. Кемчиликтердин баары ушул Аналитикалык жазуулардын 2-главасында сүрөттөлгөн. Аймактык пландоо системасын өзгөртүү боюнча сунуштар Аймактык-мейкиндиктик башкаруу жөнүндө Мыйзам үчүн жободо4 баяндалган. Бул жобо пландоо системасын аныктайт, ал вертикалы жана горизонталы боюнча аймактык пландоону интеграциялоого багытталган. Мында өзгөчө фокус аймактык пландарды ишке ашыруу менен планды иштеп чыгуу системасынын ортосундагы тыгыз өз ара байланышка жасалган. Бул жерде өзгөчө кызыкдар жактар катышууга тийиш. Ошондой эле жободо стратегиялар аймактык пландарды ишке ашыруу үчүн ажырагыс жана зарыл бөлүгү болуш керектиги таанылган. Алардын көпчүлүгү фискалдык, экономикалык жана социалдык чөйрөлөрдө көрүлгөн иш-аракеттерге тиешелүү болот.

***Каржылоо маселелери***

Өнүгүүнү каржылоо болбосо комплекстүү мейкиндикти пландоо практикасын жакшыртуу да мүмкүн болбойт. Жогорудагы 3.2-пунктта айтылгандай, ЖӨБ кызмат көрсөтүү үчүн чоң жоопкерчиликти алат, бирок аларды аткаруу үчүн жетиштүү финансылык мүмкүнчүлүктөрү болбойт. Жергиликтүү салык салуу жергиликтүү бийлик органдарына өз ыктыярына жараша кирешелерди көбөйтүү боюнча айрым ыйгарым укуктарды бере алышы үчүн, ошондой эле инвесторлорду шыктандыруу максатында салык жеңилдиктерин колдоно алышы үчүн салыктарды чогултуу эрежелерин кайрадан карап чыгуу зарыл. Мындан тышкары көпчүлүк муниципалитеттер республикалык салыктарды чогултуудан көп эмес бөлүккө ээ болушат. Көйгөйлөрү олуттуу, ал эми ресурстары чектелүү болгон облустар башка облустарга салыштырмалуу көбүрөөк субсидияларды алышын камсыздоо үчүн теңештирүү системасын иштеп чыгуу зарыл. Түшкөн акчанын көбөйүшү жергиликтүү муктаждыктарга жооп берген долбоорлорго жана программаларга инвестиция салууга көмөктөшөт. Ошондой эле ЖӨБго өзүнүн капиталдык чыгымдарын көбөйтүүгө да жол ачат.

Негизги кыйынчылык – улуттук тармактык программалардын жана долбоорлордун артыкчылыктарын аныктап жатканда ЖӨБдүн муктаждыктарынын эсепке алынуусун камсыздоо. Улуттук программаларды ишке ашыруу максатында муниципалитеттер өтүнмөлөрдү берип, конкурстан өтүшү үчүн чыгашаларды бөлүштүрүү системасын караштырса болот. Бирок ЖӨБ чыгашалардын бөлүгүн өз алдынча жабат деген шарт бар. ЖӨБ жапкан чыгашалардын бөлүгү райондун байгерлигин (байлыгын) баалоодон көз каранды. Белгиленген керектөөлөрдү жана жамаат үчүн ыктымалдуу пайдаларды эсепке алуу менен, өтүнмө ээлери үчүн артыкчылыктарды аныктоонун системасын иштеп чыгуу зарыл.

***Институционалдык шарттар***

Пландоо үчүн жооптуу органдар аймактарды пландоо тармагындагы бийликтик ыйгарым укуктарын жана функцияларын бөлүштүрүү концепциясын кабыл алышы керек. Кардардын жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүнүн/консультанттын функцияларын бөлүштүрүү Архитектура жана шаар куруу боюнча мамлекеттик долбоорлоо институтунда (Долбоорлоо институтунда) колдонулбай келет. Бул институт аймактык пландоодо жана

[1] SMART: Specific - конкреттүү, Measurable - өлчөнүүчү, Achievable –жетүүгө мүмкүн, Relevant – актуалдуу жана Time-bound – мөөнөттөрү боюнча чектелүү. Айрым учурларда "A" бул Attributable – жоопкерчиликтерди көрсөтүү деген маанини берет.
[2] SMART: Specific – конкреттүү, Measurable – өлчөнүүчү, Achievable – жетүүгө мүмкүн, Relevant – актуалдуу жана Time-bound – мөөнөттөрү боюнча чектелүү. Айрым учурларда "A" бул Attributable – жоопкерчиликтерди көрсөтүү деген маанини берет.
[3] Макулдашылган региондук пландоонун концепциясын Бюджеттик чечимдер институту жана Өнүктүрүү демилгелер агенттиги менен консорциумда Өнүктүрүү саясат институту даярдаган. Концепция Жарандык коомду колдоо боюнча GIZ долбоорунун буюртмасы менен "Жергиликтүү жамааттын керектөөлөрүнүн негизинде айылдык аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү"Долбоорунун алкагында даярдалды. Бишкек, 2016-жыл.
[4] Ошол эле жерде.

## Тез жүрүүчү автобустук маршруттар (BRT – Bus Rapid Transit) убакытты үнөмдөп, абанын булгануусун азайтат

Джакарта, Стамбул, Йоханнесбург, Мехико өңдүү бир катар ири шаарлар BRT системасын киргизишкен. BRT – бул атайын бөлүнгөн автобустук тилкелер системасы, алар үчүн алдын ала акы төлөнөт жана платформасы көтөрүлгөн. BRT аялдамалары метрого окшошуп кетет. Бул аялдамалар жүргүнчүлөрдү ташууга кеткен убакытты кыскартат, ал эми жолдо баратканда BRT автобустарында жана жогорку жыштыктагы автобустарда артыкчылык болот жана бул күтүү убактысын азайтат. Стамбулда BRT системасы калаа ичинде ары-бери каттаган шаардыктардын бир күндө орточо 52 мүнөтүн үнөмдөйт. Ал эми Йоханнесбургда BRT системасына кирген поезд бир тарапты көздөй болгону 13 мүнөт жумшайт. BRT транспорттук каражат басып өткөн километрлердин жалпы санын кыскартат: бир маалда 160ка жакын жүргүнчүнү ташый алган, шаар четине каттаган чоң көлөмдөгү автобустарды ишке берет. Ушундай эле сандагы жүргүнчүлөрдү ташыган транспорттук каражаттардын аз саны жолдордогу тыгынды азайтат жана эски, абаны көбүрөөк булгаган транспорт каражаттарын алмаштырууга мүмкүнчүлүк берет. BRT жол кырсыктарын да азайтып, жөө жүргүнчүлөрдүн коопсуздугун камсыз кылат. Коопсуздук жагынан алып караганда Латын Америкасынын тажрыйбасы BRT системасынын артыкчылыктарын көрсөтүүдө: BRT системасы киргенден кийин көчөлөрдө өлгөндөрдүн жана жаракат алгандардын саны орточо 40 пайызга кыскарган.

*Булак: Тез жүрчү автобустук транзиттен шаарлар кандай пайда көрүүдө (BRT): Робин Кинг, Дүйнөлүк ресурстар институту. 2013-жыл*

шаар курууда жетектөөчү принциптерди аныктоодо маанилүү ролду ойнойт. Ошону менен бирге институт ЖӨБО үчүн консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү негизги жеткирүүчү болуп саналат. Борбордук өкмөттүн деңгээлинде апелляциялар боюнча чечимдерди кароо жана чыгаруу үчүн жооптуу ведомство жок.

Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба боюнча мамлекеттик агенттик (Мамкурулуш) Экономика министрлигинин карамагында болгон саясатты түзүүгө тикелей тартылбаган техникалык ведомство катары каралууда. Курулуш үчүн көзөмөл жүргүзүүгө жоопкерчилик кайрадан Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик агенттикке өткөрүлүп берилгендиктен Мамкурулуштун функциялары жана мандаты бир кыйла кыскарган. Мындан тышкары Долбоордук институт бир кыйла даражада өзүн өзү каржылай алууга милдеттүү болушу керек. Бул болсо институт жаңы башкы пландарды жана деталдуу пландарды же зоналоо пландарын иштеп чыгууга байланышкан ЖӨБОнун чечимдеринен өтө көз каранды болгонун билдирет.

Борбордук бийлик органдарынын аймактык-мейкиндикти пландоо үчүн жооперчилиги өзүнө саясатты түзүү, мыйзамдарды жана ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу, бул тармактагы ишмердикке көзөмөл жүргүзүү, техникалык апелляциялык соттун кызматтарын көрсөтүү өңүттөрүн камтышы керек. Милдеттерди бөлүштүрүүдө райондук деңгээлдеги аймактык-мейкиндиктик пландарга, ошондой эле муниципалитеттер үчүн пландарга жоопкерчилик тийиштүү ЖӨБОго бекитилиши керек. Эгерде бул мыйзамдар менен бекитилсе, анда аймактык жана социалдык-экономикалык пландардын интеграциясын бир кыйла жеңилдетүүгө болот. Ошону менен бирге ЖӨБОнун Социалдык-экономикалык өнүгүү пландары (СЭӨП) ишке ашырылып жаткан улуттук долборлор жана программалар менен толуктала алышы үчүн мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл экени белгиленет[1].

Ыйгарым укуктарды жана милдеттерди бөлүштүрүү Долбоорлоо институтунун түзүмүнө таасирин тийгизет. Себеби анын учурдагы функциялары эки көз карандысыз органды түзүү жолу менен бөлүштүрүлөт. Бир орган шаардык жана аймактык пландарды ишке ашыруу менен алектесе, экинчиси стандарттарды, саясатты, мыйзамдарды аныктап, мониторинг жүргүзүп, даттануу системасын камсыз кылат. Сапатты көзөмөлдөө максаттары үчүн зарыл деп табылса, Долбоорлоо институтунун Өкмөткө караштуу борбордук органдын чегинде калган бөлүгү да шаарды жана аймактарды пландоо менен алектенген компаниялардын аккредитациясы үчүн өзүнө жоопкерчилик алса болот.

Аймактарды жана шаарларды пландоо боюнча адистер шаарды комплекстүү өнүктүрүүнүн маанисин баамдай алышы керек. Ошондой эле алар ушул тапта пландарды иштеп чыгууга тартылып жаткан техникалык кызматтардан тышкары башка адистиктердин да маанисин билиши абзел. Пландар финансылык-экономикалык анализдин жардамы менен негизделүүгө тийиш. Алар бюджетти даярдоого, акча агымдарын пландоого даяр болушу керек. Мындай акча зарыл болгон учурда сунушталып жаткан долбоордун кошумча чыгашаларын биринчи планга алып чыгат. Андан соң планды даярдоо процессинде аймактык жана шаарды пландоо боюнча адистер мобилдешүүнү үйрөнүп, кызыкдар тараптарды катышууга тартышы керек. Себеби бул пландарды даярдап, бекитүү процессинин маанилүү бөлүгү болуп калат. Кызыкдар тараптарды төмөнкүлөр аркылуу тартууга болот:

- мэриядагы коомдук форумдар/жолугушуулар;

1 ошол эле жерде: Аймактарды макулдашып пландоонун концепциясы: Аналитикалык жазуу.

- анкета толтуруу;
- консультацияларды/фокус топтордогу талкууларды өткөрүү.

Маңызы боюнча, аймактарды жана шаарларды пландоочулар шаарды өнүктүрүүнүн менеджерлери болуп калышы керек. Бул болсо университеттер жана институттар аймактарды жана шаарларды пландоо боюнча окуу курстарын ачышы керек дегенди билдирет.

## "Жашыл өсүштүн" пландалышы керек болгон компоненттеринин мисалдары

"Жашыл өсүштүн" моделин түзгөн үч элементтердин ар бирине эмнелер кирет? Төмөндөгү бөлүмдө айрым сунуштар берилди.

***АЙЛАНА-ЧӨЙРӨ МАСЕЛЕЛЕРИ***

Санитария

- Эл жыш жайгашкан райондордо жана борбордук ишкер райондордо канализация системасын өнүктүрүү.
- Эл анчалык жыш жашабаган же көп колдонулбаган райондордо дааратканалардын абалын оңдоо.
- Шламды жыйноо, кайра иштетүү жана колдонуу системасы.
- Канализациянын жөнөкөйлөштүрүлгөн системалары жана жергиликтүү тундургучтар.
- Гигиенага окутуу.

Суу ресурстарын үнөмдөө

- Сууну үнөмдүү пайдалануу маселелери боюнча окуулар.
- Суу пайдалануу үчүн жыйымдын прогрессивдүү ставкасы.
- Суу чогулган аймактарды жана суу булактарын коргоо.
- Жамгыр суусун пайдалануу.
- Шаардык райондордо сууну сиңирип алган мейкиндиктерди көбөйтүү.

Парник газдарынын чыгындысын мүмкүн болушунча азайтуу

- Транспорт – пайдаланып бүткөн газдардын чыгындысын кыскартуу; ары-бери каттоо аралыгын кыскартуу; коомдук транспорттун абалын оңдоо; күйүүчү май колдонулбаган транспортту (велосипед, жөө басуу ж.б.) пайдаланууга шыктандыруу; автоунаа toктотуучу жайларды азайтуу же ишин жөнгө салуу; жолдорду пайдалануу үчүн акы алуу.
- Жашыл бак-дарактардын алдында аянттарды кеңейтүү, булганыч жерди калыбына келтирүү, бак-дарактарды коргоо жана сактоо эрежелерин киргизүү.
- Жылуулукту жоготууну мүмкүн болушунча азайткан архитектуралык/инженердик конструкциялар; жасалма жарыктандырууга жана муздатууга болгон муктаждыкты мүмкүн болушунча азайтуу. Үйдүн чатырларын, вертикалдык кыртыштарды жашылдандыруу мүмкүнчүлүктөрү менен таанышуу.

Катуу калдыктар

- Төрт R (Reduce – пайдаланууну кысскартуу, Reuse – кайта пайдалануу, Repair – ремонт жана Recycle – кайрадан кайта иштетүү
- Жер семирткичтерди жана электр энергиясын чыгаруу үчүн биобөлүнүүчү калдыктарды пайдалануу.

Суу ташкындарын контролдоо

- Калдыктарды жыйноо ишин жакшыртуу жана дренаж каналдарын тазалоо.
- Аба ырайынын кескин өзгөрүүсүн эсепке алуу менен дренаж каналдарынын көлөмүн көбөйтүү.
- Табигый жайылма жерлерди колдонууга бербей, сактоо.
- Автоунаа токтотмо жайларында катуу көпшөк жабууларды пайдалануу.

***ЭКОНОМИКАЛЫК МАСЕЛЕЛЕР***

Атаандаштык артыкчылыктарынын концепциясы

- Бар болгон табигый ресурстардын жайгашкан жери.
- Үйрөнгөн көндүмдөр (университеттерде жана илимий-изилдөө институттарында).

Кластерлерди өнүктүрүүдө синергия түшүнүгү

- Бирин-бири толуктаган атаандаштык артыкчылыктар ортосундагы байланыштар
- Бар болгон адистиктердин окуу китептерин жаңылоо
- Кластерлердин борборлору ортосунда транспорттук жана МКТ-коммуникацияларын жакшыртуу

***ИНКЛЮЗИВДҮҮ ӨНҮКТҮРҮҮ***

Гендер жана мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдардын маселелери

- Пландоо жана чечимдерди кабыл алуу процессинде аялдар жана мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар үчүн өз пикирин билдирүү мүмкүнчүлүгү.
- Имараттардын, мамлекеттик мекемелердин жана коомдук транспорттун жеткиликтүү болгону.
- Менчик укуктары, турак жайга ээлик кылууда кепилдиктерди камсыздоо.

Базалык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк

- Кызмат көрсөтүүлөрдүн бардыгы үчүн жеткиликтүү болгон бааны камсыз кылуу үчүн баа бычуу механизмдери.
- Инфраструктурага артыкчылыктуу мамлекеттик инвестициялоо, бул болсо жакырларга кызмат көрсөтүүлөрдү камсыздай алмак.
- Коомдук мекемелердин (мектептердин, медициналык борборлордун, полиция бөлүмдөрүнүн жана өрт өчүрүү станцияларынын) жайгашкан жери – булар калктын бардык катмарларынын адекваттуу тейленүүсүн камсыздамак.
- Калк үчүн иш орундарына жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу үчүн коомдук транспорттун жетимдүүлүгү.

**USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоору тарабынан даярдалды[1]**

[1] Бул макала Америка Кошмо Штаттарынын эл аралык өнүктүрүү агентствосу (USAID) аркылуу Америка элинин жардамы менен ишке ашырылды. Макаланын мазмуну үчүн DAI Global LLC жоопту жана ал USAID же Америка Кошмо Штаттарынын өкмөтүнүн көз карашын сөзсүз түрдө чагылдыруусу шарт эмес.

# АЙМАКТАРДЫН ФОРУМУ: Кыргыз Республикасынын аймактарынын экономикалык өнүгүүсүндө ЖӨБдүн мүмкүнчүлүктөрү



**2018-жылдын 5-ноябрында USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоору кезектеги Аймактардын форумун өткөрдү. Форумга Нарын, Ош, Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы 50 ЖӨБ органынан айыл өкмөт башчылары, шаарлардын мэрлери жана жергиликтүү кеңештердин төрагалары катышты. Иш-чарага ошондой эле КР Президентинин Аппаратынын, КР Өкмөт Аппаратынын өкүлдөрү, АКШнын Кыргыз Республикасындагы Элчиси Дональд ЛУ, мамлекеттик органдардын жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү катышты. Форумдун катышуучулары Кыргыз Республикасынын аймактарынын экономикалык өнүгүүсүндө ЖӨБдүн мүмкүнчүлүктөрүн талкуулашты. Иш-чарага 157 адам катышты.**

## Форумдун негизги максаттары:

- Кыргыз Республикасында ЖӨБдү өнүктүрүүнүн алкагында жергиликтүү өз алдынча башкарууну бекемдөө боюнча мамлекеттик бийликтин өкүлдөрү менен муниципалитеттердин ортосундагы диалогго көмөктөшүү;
- Кыргыз Республикасынын муниципалитеттери ортосунда тажрыйба алмашуу;
- ЖӨБ органдарынын жергиликтүү деңгээлдеги кызмат көрсөтүүлөрү жаатындагы мыкты практикалар менен тааныштыруу.

Аймактардын форумун КР Президентинин Аппаратынын стратегиялык өнүктүрүү, экономика жана финансы саясаты бөлүмүнүн башчысы Данияр ИМАНАЛИЕВ ачып, элеттик муниципалитеттердин экономикалык өнүгүүсүнүн маанисин баса белгиледи. Ошондой эле Данияр ИМАНАЛИЕВ жергиликтүү бюджеттерди башкаруу сапатын жогорулатууда, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк аспаптарын киргизүүдө жана жеке ишкерликти өнүктүрүүдө USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоору ЖӨБ органдарына олуттуу колдоо көрсөтүп келатканын белгилеп өттү.

АКШнын Кыргыз Республикасындагы элчиси Дональд ЛУ Форумдун катышуучулары менен учурашкан соң Он-Эки-Бел айылдык аймагындагы жергиликтүү демилге тууралуу кененирээк айтып берди: "Чогултулган каражаттын жардамы менен алар эсептегичтерди орнотуп, тейлөөнү жолго салып, суу менен жабдуу системасынын ишин камсыз кылуу максатында кесипкөй адистерди жалдашты. Аймак үчүн бул чоң ийгилик. Мындан дагы жакшысы – алар башка алты аймак менен үйрөнгөндөрүн ушул жерде айтып беришүүдө. Бул окуялар эмне үчүн өз жамаатыңыздын лидери болуу тууралуу чечим кабыл алганыңызды бизге баяндоодо. Биз региондорду өнүктүрүү жана административдик-аймактык реформаны жүргүзүү боюнча Өкмөттүн стратегиясын колдоого даярбыз. Мен Он-Эки-Бел аймагына барып, алардын тунук суусун ичким келет. Баарыбыз чогуу иш алып барып, ушул ийгиликти бардык аймактарда, айылдарда жана шаарларда жайылта алабыз деп ишенем”.



**Данияр ИМАНАЛИЕВ,** КР Президентинин Аппаратынын стратегиялык өнүктүрүү, экономика жана финансы саясаты бөлүмүнүн башчысы: *“Эгерде биз жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, биринчи кезекте жергиликтүү калктын потенциалын жана мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатпасак, анда инфраструктураны өнүктүрүү маселелери, инвестициялоону өнүктүрүү, аймактарда айрым ишканаларды ачуу жана жумушчу орундарды түзүү маселелери туруктуу болбойт”.*

Данияр ИМАНАЛИЕВ жана АКШнын Кыргыз Республикасындагы Элчиси Дональд ЛУ эки жылдан бери USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоору менен кызматташып келаткан активисттерге жана жумушчу комиссияларга ыраазычылык каттарын тапшырышты. Сыйлыктарды төмөнкүлөр алышты:

- Дархан айыл өкмөтүнүн жумушчу комиссиясы;
- Кум-Дөбө айыл өкмөтүнүн жумушчу комиссиясы;
- Жаркынай АМАНТУРОВА, Теплоключенка айыл өкмөтүнүн адиси;
- Айгуль ОРУНБАЕВА, Кара-Таш айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы;
- Сарыгул КАЗИЕВ, Кош-Дөбө айылдык кеңешинин төрагасынын орун басары;



**Дональд ЛУ,**
АКШнын Кыргыз Республикасындагы элчиси:
*“30 жыл мурда Тынчтык корпусунда ыктыярчы болуп жүргөндө “Суу – бул жашоо” деп айтчубуз. Алыскы аймактарда жашагандар бул сөз чындык экенин жакшы билишет. Жергиликтүү жамааттын лидерлеринин мыкты ишинин натыйжасында Он-Эки-Бел айылдык аймагынын алты айылында таза суу пайда болмокчу. Бул лидерлер таза суунун баасын эсептөө системасын иштеп чыгуу жаатында USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” долбоору менен биргелешип иш алып барышты. Андан соң жамааттын ичинде түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, көп эмес суммада акча төлөө менен, жыл бою таза суу алып турууга болоорун калкка жеткиришти".*

- Вахиджон АЛИМЖАНОВ, Ырыс айылдык аймагынын финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы;
- Шукурилло ГАФФАРОВ, Мирмахмудов айылдык аймагынын финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы.

USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" Долбоорунун жетекчиси Роберт БОДО да окуу сапарына арналган мыкты дилбаянга жарыяланган конкурстун жеңүүчүлөрүн сыйлады. Бул конкурсту Долбоор 2018-жылдын август айында 32 өнөктөш айыл өкмөттүн өкүлдөрү үчүн уюштурган. Сыйлыктарды төмөнкүлөр алды:

- Жумалы БУРКАНОВ, Бешик-Жон айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары;
- Бактыгүл ДЖУМАБАЕ-ВА, Теплоключенка айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы;
- Үсөн МАТКАЛЫКОВ, Исанов айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары.

Бул блокто форумдун катышуучулары аларды кызыктырган чөйрөдө өз суроолорун узата алышты. Ал чөйрөлөр: жергиликтүү экономикалык өнүгүүнүн, жергиликтүү бюджеттердин мүмкүнчүлүктөрү жана жергиликтүү деңгээлде коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруудагы мүмкүнчүлүктөр. Суроолорго жооп берүү үчүн өнөктөш уюмдардын жана мамлекеттик органдардын өкүлдөрү чакырылды:

- Рейна КУРМАНКОЖОЕВА, айыл өкмөттөрдүн Кепилдик фондунун тобокелдик-менеджери,
- Надежда ДОБРЕЦОВА, Өнүктүрүү саясат институтунун Башкаруу төрайымы;
- Зарина ЧЕКИРБАЕВА, КРдагы Америкалык соода палатасынын аткаруучу директору;
- Сыймыкбек НУРУНБЕТОВ, КР Финансы министрлигинин Бюджет аралык мамилелер боюнча башкармалыгынын жетекчисинин милдетин аткаруучу
- Кубанычбек ТЕМИРБАЕВ, КР Мамлекеттик салык инспекциясынын башкы инспектору.

Муниципалитеттердин өкүлдөрү өз айыл өкмөтүнө инвестицияларды тартуу, жер-жерлерде жеке ишкерчиликке байланышкан кырдаалды жакшыртуу жолдоруна, субсидияларга, курулушка тендерлерди өткөрүү, салык ж.б. маселелерге кызыгышты.



Андан соң үч айыл өкмөттүн өкүлдөрү салыкты администрациялоону жолго салуунун эсебинен муниципалдык бюджеттердин кирешесин жогорулатуу, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында башкаруунун алдыңкы усулдарын киргизүү боюнча мыкты практикалары менен бөлүштү.

## Он-Эки-Бел айыл өкмөтүнүн тажрыйбасы: элди таза ичүүчү суу менен камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу

### Көйгөйдүн сүрөттөлүшү

Он-Эки-Бел айылдык аймагы – Ош облусунун Ноокат районунун эл жыш жашаган аймактарынын бири. Аймак 928 үй кожолуктан турат, тургундардын жалпы саны – 6 000. Ичүүчү суу менен камсыздоо жергиликтүү бийлик үчүн биринчи кезекте чечилиши керек болгон тапшырмалардын бири. Себеби элдин жарымы сууну каналдардан жана булганыч дарыялардан алууда. Суу менен жабдуу инфраструктурасы совет мезгилинде эле курулган. Ар бир көчөдө колонкалар бар болгону менен, алардын көпчүлүгү иштебейт. Жергиликтүү калк кырдаалды өзгөртүүгө даяр эмес болчу. Себеби ичүүчү сууну айыл чарбасы жана бакчылык үчүн колдонуп келген. Жергиликтүү тургундар сууну өз багыты боюнча колдонбогону аз келгенсип, бул үчүн акы да төлөчү эмес. USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" Долбоору менен иш башталганда бул багыттагы негизги көйгөйлөр аныкталды:

- элде суу үчүн акы төлөөгө каалоо жок;
- эл сууну ачык (корголбогон) көлмөлөрдөн пайдаланууда;
- ичеги-карын оорулары көбөйүп жатат;
- дарыялардан жана каналдардан алынган сууну колдонуунун коркунучтары тууралуу элде билим жок.

### Маселени чечүү жолдору

Ичүүчү суу менен жабдууга байланышкан кырдаал бара-бара 2009-жылдан тартып оңоло баштады. Бул жылы Жигитали РАХМАНОВ Он-Эки-Бел айылдык аймагындагы "Нарай-Су" Таза суу керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмесинин төрагасы болуп дайындалган. Жигитали РАХМАНОВ айылдык райондорду ичүүчү суу менен камсыздоо чөйрөсүндө өз тажрыйбасы жана билими менен кеңири таанылган. Бирикмени туруктуу иштетүү жана ар бир үй кожолукту таза суу менен камсыздоо РАХМАНОВДУН негизги максаты болгон. Бул максатка жетүү үчүн ал көп жылдар бою жергиликтүү калк, бийлик органдары жана донордук уюмдар менен тыгыз иш алып барды.

Ичүүчү суу менен туруктуу жабдууну камсыздоо максатында Жигитали РАХМАНОВ жергиликтүү

элдин ишенимине ээ болушу керек эле. Себеби эл дарыядан алынган суу менен түтүктөрдөн келген суунун сапатында эч кандай айырманы көргөн эмес. Мындай кырдаалды өзгөртүү үчүн Жигитали РАХМАНОВ аймактагы алты айылдын абройлуу аксакалдарын өз эсебинен дарыянын башына алып барды. Бул сапардын жүрүшүндө аксакалдар эл ичип жүргөн дарыянын боюнда үйүлгөн таштандыны көрө алышты. Жигитали РАХМАНОВ дарыядан алынган суу ичүүгө жараксыз экенин, жергиликтүү элдин, өзгөчө кичинекей балдардын ден соолугуна терс таасирин тийгизерин айтып, бул сөздөрүнө ишенимдүү жүйөлөрдү келтирди. Даана салыштыруу үчүн ал Бирикменин жакшы иштеп жаткан суу түтүктөрүн жана суу тазалоочу резервуарын көрсөтүп берди. Суунун сапатында олуттуу айырманы көргөн соң аксакалдар Бирикмени колдоого алышып, жарандарды ар бир үй кожолукта жеке суу өлчөгүчтөрдү орнотууга жана ичүүчү суу үчүн акы төлөөгө көндүрө алышты.

### Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары эмнелерди жасашты?

- Айыл өкмөтү тарифти эсептеп чыкты. Суу өлчөгүчтөр аркылуу тариф 10 сом 60 тыйын болуп калды. Көчөдөгү колонкалардан алынган суу үчүн тариф 15 сом, ишканалар үчүн 12 сом 70 тыйын болду (мурда сууну көчөлөрдөгү колонкалардан ташып ичкендер үчүн акы 5 сом, чарбакта 15 сом, эсептегичтер боюнча 9 сом болчу).
- Айыл өкмөтү тарифти жергиликтүү эл менен биргелешип талкуулады.
- Жергиликтүү кеңеш тарифти бекитип берди.

Ошондой эле Бирикме жергиликтүү бийликтен да колдоо тапты. Суу менен жабдуу эрежелери тууралуу маалыматты эл арасында таратууда айыл өкмөтү Бирикмеге колдоо көрсөтүп келатат. Мындан тышкары Бирикме көз карандысыз иш жүргүзүп, акы алышы керек деген жүйөгө айыл өкмөтү макул болду. Жергиликтүү кеңеш ичүүчү суунун баасын тарифтерди эсептөөнүн негизинде бекитти. Ал эми тарифтер USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоорунун колдоосу алдында эсептелип чыккан. Мындан тышкары жергиликтүү кеңеш Бирикмеге көчөлөрдөгү колонкаларды жабууга уруксат берди. Бул колонкалардын айынан суу өтө ысырап болуп жаткан эле.



Бирикме USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоору менен тыгыз кызматташты. Адегенде ичүүчү суу менен жабдуу кызмат көрсөтүүлөрү боюнча ченемдик-укуктук документтер менен таанышып чыгып, анализдешти. Мындай анализ Бирикмеге финансылык башкарууну жакшыртууга, өзгөчө өз кызматкерлеринин айлык акысын жогорулатууга жардам берди. Өз кезегинде маянанын жогору болгону кесипкөй кызматкерлерди ишке алууга шарт түздү. Мунун натыйжасына сапаттуу кызмат көрсөтүүдө Бирикменин эффективдүүлүгү да жогорулады.

Ошондой эле USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоору Бирикмеге сууну керектөөдө экономикалык жактан эффективдүү тарифти эсептеп чыгууга жардам берди. Бул тариф сууну колдонуунун өлчөмдөрү тууралуу объективдүү маалыматка негизделген. Бул болсо дагы бир жакшы өзгөрүүгө көмөктөштү – Бирикме тарифтердин эки башка категориясын киргизди: а) жашоочулардын сууну жеке керектегени үчүн жана б) юридикалык жактардын сууну коммерциялык муктаждыкка керектегени үчүн.

### USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоорунун колдоосу менен айыл өкмөтү жана Бирикме кызмат көрсөтүүнү эффективдүү башкаруу боюнча төмөнкүдөй билим алышты:

- суунун сапаты санитардык нормаларга шайкеш келиши керектиги тууралуу;
- сууну жеткирүү кызмат көрсөтүүсүнүн баасы бардык чыгашаларды жабышы керектиги тууралуу;
- суунун баасы нормативдерге ылайык эсептелиши керектиги тууралуу;
- кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөргө бул ишти жасоо акча жагынан пайда алып келе тургандай шарттарды түзүшү керектиги тууралуу;
- калк тарифтин баасын талкуулоого жана кызмат көрсөтүүнүн сапатын баалоого катышуусу зарыл экени тууралуу.

### Маселени чечүүнүн ыкмалары:

- аксакалдардын жана айылдын абройлуу адамдарынын суунун булагына жеткирүүнү уюштуруу;
- каналдан алынган суунун зыяны тууралуу түшүндүрүү иштерин жигердүү уюштуруу жана өткөрүү;
- айыл өкмөтү тарабынан колдоо;
- суунун тарифинин көлөмүн эл менен чогуу талкуулоо;
- суунун реалдуу чыгашасы үчүн акы алуу жана суу өлчөгүчтөрдү пайдалануу практикасын киргизүү.

### Жыйынтыгы жана билим, практика менен бөлүшүү

2018-жылы Он-Эки-Бел айылдык аймагындагы алты айылга тең таза ичүүчү суу жетти. 938 үй кожолуктун ичинен 600 түтүнгө суу өлчөгүчтөр орнотулуп, алар бекитилген тариф боюнча туруктуу акы төлөп келатышат. Бирикмеде алты адам иштейт, алар жашоочуларды ичүүчү суу менен үзгүлтүксүз камсыздоодо. Кошуна аймактарды колдоо максатында Бирикменин кызматкерлери өз билими жана тажрыйбасы менен бөлүшүп турушат. 2018-жылдын июль айында USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоору “Нарай-Су” Таза суу керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмесинин төрагасы Жигитали РАХМАНОВдун катышуусу менен тажрыйба алмашуу боюнча сесссияны уюштурган. Жигитали РАХМАНОВ жана Бирикменин бухгалтери Мамажакып ТАЖИБАЕВ айыл өкмөттүн артыкчылыктуу маселелерин чечүүгө, айталы, тарифтерди эсептөө жана үй кожолуктарында суу эсептегичтерди орнотуу зарылчылыгын талкуулоого жарандарды тартуунун маанисин баса белгилешти. Алар Исанов, Кеңеш, Зулпуев, Кара-Таш, Мирмахмудов жана Жаңы-Ноокат айыл өкмөттөрүндөгү кесиптештерине өз тажрыйбалары тууралуу айтып беришти. 2018-жылдын ноябрь айында Аймактардын форумунда Жигитали РАХМАНОВ Ысык-Көл, Жалал-Абад, Ош жана Нарын облустарындагы 50 муниципалитеттин өкүлдөрүнө өз тажрыйбасы тууралуу айтып берди.

### Кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөр үчүн жагымдуу шарттар:

- тариф бардык негизги чыгашаларды эсепке алат;
- жарандар өз коопсуздугу тууралуу ойлонуп, таза сууну колдонгонго аракеттенип калышты;
- керектөөчүлөр эсептегичтерди-суу өлчөгүчтөрдү орнотууга кызыкдар;
- сууну системада керектөөнүн күнүмдүк өлчөмү көбөйдү;
- эсептегичтер-суу өлчөгүчтөр суунун чыгашасын контролдоого жардам берет.

## Кара-Таш айыл өкмөтү: “Кара-Таш айылдык аймагынын бюджетинин киреше бөлүгүн көбөйтүү”

### Көйгөйдүн сүрөттөлүшү

Кара-Таш – Ош облусунун Ноокат районундагы эл жыш жайгашкан алыскы айылдык аймак. Элдин саны 13 миңден ашат жана 2523 үй кожолук бар. Кара-Таш аймагы өкмөттүн чектелүү дотацияларына толук көз каранды. Жергиликтүү тургундар үчүн кирешенин негизги булагы – айыл чарбасы. Бул аймакта бир нече чакан ишкана



иштейт. Бирок жалпысынан алганда ишкерлик сектору начар өнүккөн. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу үчүн жергиликтүү бюджеттин каражаттарын эптеп бөлүштүрүшөт. Ошондуктан жергиликтүү бюджетке кошумча киреше булактарын табууга муктаждык чоң.

### Маселени чечүү

Кара-Таш айыл өкмөтү жарандарга эффективдүү жергиликтүү кызматтарды көрсөтүү максатында USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоору менен 2018-жылдын башынан тартып кызматташа баштаган. Бул өнөктөштүктүн алкагында айыл өкмөтү жумушчу комиссияны түзүп, анын курамына жигердүү жарандар жана жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү кирищти. Жумушчу комиссиянын мүчөлөрү Долбоордун тренингдерине жана семинарларына катышып, алардын бири жергиликтүү бюджетке түшкөн каражаттарын бар болгон булактарын аныктоого арналган. Андан соң жумушчу комиссия жаратылыш ресурстары үчүн акы алуунун ыкмасын аныктады. Жер астындагы суу айылдын маанилүү жаратылыш ресурстарынын бири болуп саналат. Ноокат шаарынын жана кошуна Мирмахмудов менен Гүлистан айылдык аймактарынын жашоочулары сууну Кара-Таштын булактарынан алышат. Себеби бул булактарда суунун сапаты өтө жогору. Жашоочулар сууну акысыз колдонуп келишкен.

Кара-Таш айыл өкмөтү жер астындагы суу менен жабдуу үчүн акы киргизүү зарыл деп чечти. Себеби жер астындагы суу “минералдык ресурстар” категориясына кирет. Бул болсо айыл өкмөтүнө улукттук мыйзамдык жоболорго жана нормаларга ылайык акы алуу укугун берүүдө. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 310-беренесине ылайык, алынган акчанын 50% жергиликтүү бюджетке которууга уруксат берилет.

**КР Салык кодексинин 307-беренесинин 2-пунктуна ылайык, "төмөнкүлөрдү жүзөгө ашыруучу уюм, жеке ишкер роялти салыгын төлөөчү болуп саналат: 2) жер астындагы сууларды алууну (жер түпкүрүнөн чыгарууну). "Кыргыз Республикасынын 2018-жылга республикалык бюджети жана 2019-2020-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 1-пунктунун 3-пунктчасына ылайык, "2018-жылга төмөнкүлөрдөн түшкөн чегерүүлөрдүн ченемдери белгиленген: жер казынасын пайдалануу үчүн салыктан (стратегиялык пайдалуу кендерди: алтынды, мунайды, газды кошпогондо, роялти) алардын иштелип чыккан орду (жайгашкан жери) боюнча шаарлардын жана айылдардын тиешелүү жергиликтүү бюджеттерине - 50 пайыз өлчөмүндө".**

Акы чогултууну камсыздоо үчүн Кара-Таш айыл өкмөтүнүн жумушчу комиссиясы Ноокат райондук салык кызматына, КР Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетине жана "Ноокат сууканалына" тастыктоочу документтерди жана суроо-талапты жиберген. Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитети бул маселени жактырып, Кара-Таш айыл өкмөтүнө суу керектөөчүлөр менен келишимдерди түзүүгө уруксат берген. Өз кезегинде "Ноокат сууканалы" 2018-жылдын 11-сентябрынан тартып чегерүүлөрдү жасап турууга макулдугун берди.

## Маселени чечүү жана келечекте болчу жыйынтык

Жумушчу комиссиянын мүчөлөрүнүн жергиликтүү демилгесинин натыйжасында жана USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" Долбоорунун эксперттеринин колдоосу менен Кара-Таш айыл өкмөтү жергиликтүү бюджеттин туруктуулугуна карай алгачкы кадамдарды жасай баштады. Алардын бири – жыл сайын бир керектөөчүдөн – "Ноокат сууканалы" ишканасынан 178 176 сом алып туруу. Келечекте Кара-Таш айыл өкмөтү ушундай эле практиканы дагы эки керектөөчүгө карата колдонууну пландап жатат. Киреше алып келген жаңы ресурстун жардамы менен айыл өкмөттүн бюджети көбөйүп, мурдагыдан да диверсификацияланган болуп калмакчы. Бюджеттик каражаттардын туруктуу жана үзгүлтүксүз агымы бюджетти алдын ала пландоо жана түзүү үчүн мүмкүнчүлүк берет. Муну менен мамлекеттик бюджеттен берилчү субсидияларга көз карандуулук азаят. Кирешенин кошумча булагы Кара-Таш айыл өкмөтүнө жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртууга жана көбүрөөк жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жол ачмакчы.

**Абдыманап МАМЫТОВ,** Кара-Таш айыл өкмөтүнүн юристи:
***"Бизде кошуна айылдарды жана алардын тургундарын суу менен камсыз кылган беш булак бар. Биздин айыл өкмөт ушул ресурстардын эсебинен эч качан кандайдыр бир пайда көргөн эмес. USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" Долбоору берген консультациялардын натыйжасында акы алууга мыйзамдуу укугубуз бар экенин билдик. Бардык зарыл болгон документтерди даярдоодо, тиешелүү мамлекеттик органдардын баары менен консультацияларды жүргүзүүдө Долбоордун эксперттери биз менен тыгыз иш алып барышты. Бул иштер биздин жергиликтүү бюджетибизге кошумча каражаттарды алып келет. Бюджетте жаңы киреше булагы пайда болгонуна жетине албай турабыз. Ошондой эле бул иштер бизди бюджетибизди көбөйтүүнүн башка ыкмалары тууралуу ойлонуп көрүүгө, мунун натыйжасында мамлекеттик бюджеттен субсидияларга болгон көз карандуулукту бара-бара азайтууга түрттү".***



# Кочкор районунун Кум-Дөбө айыл өкмөтү: жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу

Аймактардын форумунда Кум-Дөбө айыл өкмөтүнүн башчысы Майрамбек АСАНБАЕВ Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу стратегиясын



даярдоо жана аны иш жүзүндө колдонуу тажрыйбасы менен бөлүштү. Ошондой эле АСАНБАЕВ бул методиканы үйрөтүү процесси, ишке ашыруунун негизги кадамдары жана алгачкы жыйынтыктары тууралуу айтып берди. Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу стратегиясын колдонууда алынган жыйынтыктын бири – элге ичүүчү жана сугат суу жеткирүү боюнча муниципалдык ишкананын ачылышы. Муниципалитет адегенде Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу стратегиясын иштеп чыгып, аны ишке ашыруу боюнча жумушчу комиссияны түздү. Стратегияда кызмат көрсөтүүлөрдүн беш багыты артыкчылыктуу катары аныкталды:

- кызмат көрсөтүүлөр (ичүүчү, сугат суу, таштанды чыгаруу) боюнча муниципалдык ишкананы ачуу;
- спорттук секциялар;
- ветеринардык кызмат;
- ички жолдорду оңдоо;
- чыгармачыл ийримдерди уюштуруу.

Андан соң айыл өкмөтү кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу боюнча Иш-аракеттер планын иштеп чыкты. Анын алкагында:

- кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары иштелип чыкты;
- кызмат көрсөтүүлөрдүн баасы эсептелинип, эл менен макулдашылды;
- жергиликтүү кеңеш кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифин бекитти;
- Стратегияны ишке ашыруунун жүрүшүнө мониторинг жана баалоо жүргүзүү системасы түзүлдү.

USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоорунун алкагында жумушчу комиссиянын мүчөлөрү кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу методологиясын үйрөнүштү. Долбоордун консультанттары Стратегияны даярдоого жардам берип, ушул кезге чейин консультациялык жардам берип келатышат. Кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын эсептөө методикасына, келишимди туура түзүүгө, ошондой эле кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын иштеп чыгууга үйрөткөн окуулар уюштурулду. Ишкана 2018-жылдын август айынан баштап кызмат көрсөтө баштады.

### Алгачкы жыйынтыктар

2018-жылдын соңунда айылдык аймакта муниципалдык ишкана түзүлүп, кызмат көрсөтүү тууралуу АӨ менен муниципалдык ишкананын ортосунда, ошондой эле кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулар менен келишимдерге кол коюлду. Муниципалдык ишкананын кызмат көрсөтүүлөрүнө кеткен чыгашаларга жергиликтүү бюджеттен субсидия берүү каралып, бул чечимди айылдык кеңеш бекитти. Кум-Дөбө айылы үчүн ичүүчү суунун тарифи 29 сомду, Ажар айылы үчүн 32 сомду, Шамшы айылы үчүн 25 сомду түздү. Тариф бир айга субсидияларды (ар бир тургунга) эсепке алуу менен эсептелинди. Абоненттер менен келишимдерге кол коюлуп, кызмат көрсөтүлө баштады. Таштанды чыгаруу боюнча тариф субсидияларды эсепке алганда, ар бир короодон ай сайын 8 сомду түздү. Абоненттер менен келишимдерге кол коюлуп, кызмат көрсөтүлө баштады. Айылдык аймакта сугат суу боюнча тариф субсидияларды эсепке алуу менен, жыл сайын 675 сомду (бир гектарга) түздү. Абоненттер менен келишимдерге кол коюлуп, кызмат көрсөтүлө баштады.



### Күтүлүп жаткан маанилүү жыйынтыктар:

- айылдык аймакта артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк жана алардын туруктуулугу чындап камсыздалат;
- муниципалдык менчик объекттерин башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу жана аларды максаттуу пайдалануу үчүн шарттар түзүлөт;
- кызмат көрсөткөн ЖӨБ органы менен өз ара пайдалуу келишимдер түзүлүүдө, кызмат көрсөтүүлөрдүн түшүнүктүү эрежелери киргизилип жатат, туруктуулук үчүн шарттар түзүлүүдө;
- жергиликтүү көйгөйлөрдү ыкчам жана эффективдүү чечүү үчүн шарттар түзүлөт;
- элдин ЖӨБ органдарына болгон ишеними артат.

М




# ЖӨБ органдары мамлекеттик сатып алууларды башкаруу көндүмдөрүн өркүндөтүүдө. Кадыресе каталарды кантип болтурбай койсо болот?

**Султан МАЙРАМБЕКОВ,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун гранттар боюнча адиси
**Жылдыз ЖУМАКОВА,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мамлекеттик сатып алуулар боюнча консультанты

2018-жылдагы Чакан гранттар программасын (ЧГП-2018) ишке ашыруунун алкагында конкурстук комиссия 38 000 000 сомго 38 долбоордук өтүнмөнү каржылоону жактырды. Программаны Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги аркылуу Швейцария өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” (мындан ары – ЭҮЖӨБОЖ) Долбоору ишке ашырып келатат. Жалпысынан Конкурска 121 өтүнмө түштү. Алардын ичинен Нарын облусунун муниципалитеттеринен 59 өтүнмө, Ош облусунун муниципалитеттеринен 62 өтүнмө түштү. Гранттарды Нарын жана Ош облустарынын 23 муниципалитети алды. Алардын ичинен Нарын облусунун муниципалитеттери 14 гранттык долбоорду, Ош облусунун муниципалитеттери 24 гранттык долбоорду утуп алышты.

Чакан гранттар программасынын Жобосуна ылайык, гранттык каражаттар ЖӨБ органдарынын – конкурстун жеңүүчүлөрүнүн жергиликтүү бюджеттерине түшөт. Буга жараша жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары сатып алуулардын жол-жоболорун “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” КР Мыйзамынын талаптарына ылайык аткарышат.


ЧГП-2018 конкурсунун жеңүүчүлөрү үчүн Долбоор беш күндүк курсту уюштурду. “Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алууларды башкаруу” деген темадагы курстар Кыргыз Республкасынын Финансы министрлигинин окуу борборунда өттү. Окууга айыл өкмөтүнүн 23 кызматкери катышып, аларды тогузу Нарын облусунан, 14ү Ош облусунан келишти.

Жеңүүчү муниципалитеттер сатып алуулар жол-жоболорун сапаттуу өткөрүшсүн деген максатта долбоор жумуштарды жана товарларды сатып алуунун квалификациялык талаптарына сунуштамаларды иштеп чыкты. Алар “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” КР Мыйзамына жана СКДга (Стандарттык конкурстук документтерге) ылайык даярдалган. Жумуштарды сатып алууларга коюлган квалификациялык талаптарга карата сунуштамалар 16 пункттан (талаптан) жана товарларды сатып алууларга коюлган квалификациялык талаптарга карата сунуштамалар 15 пункттан (талаптан) турат. Сатып алуулардын жол-жоболорун өткөрүүгө коюлган квалификациялык талаптарга карата бул сунуштамаларды сактоо муниципалитеттердин сатып алуулар боюнча адистеринин көндүмдөрүн, тажрыйбасын жана билимин бир кыйла жакшыртты. Ошондой эле кызмат көрсөтүүлөрдү, жумуштарды жана товарларды жеткирүүчүлөрдүн потенциалын жогорулатууга жардам берди.

Сатып алууларды жүргүзүү практикасы көрсөткөндөй, мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун өткөрүүгө даярданып жатканда сметаларды иштеп чыгууга өтө дыкат көңүл буруу зарыл. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору техникалык жактан жардам берди – жумуштардын көлөмүнө жана долбоордун сметаларына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча техникалык эксперттерге жана смета

түзүүчүлөргө консультацияларды берди. Ошондой эле жаңы капиталдык курулуш болгон учурда бардык уруксат берүүчү документтер менен кошо АДТны (архитектуралык-долбоордук тапшырманы) жана ДСДны (долбоордук-сметалык документтерди) даярдоого көп убакыт кетет.

***1-диаграмма. Бир сатып алууга конкурстарды жокко чыгаруунун жыштыгы***




## Бир сатып алууга он конкурс

2018-жылдын июль айынан тартып муниципалитеттер Мамлекеттик сатып алуулар порталына өз долбоорлорун ишке ашыруу үчүн товарларды жана жумуштарды сатып алуу жөнүндө кулактандырууну бере башташты. Сатып алууларды жүргүзүүдө ЖӨБ органдары 38 долбоордун ичинен он долбоор боюнча конкурсту биринчи жолкусунда эле ийгиликтүү өткөрө алышты. Башкача айтканда, конкурстар кулактандырууну Порталга биринчи жолу жайгаштырганда эле өткөн. Бирок кулактандырууну кайра-кайра берип, конкурстук тандап алууну он жолудан өткөргөн муниципалитеттер да болду! Статистика боюнча, Нарын жана Ош облустарында 38 гранттык долбоор боюнча келишимдерди түзүү үчүн жалпысынан 114 конкурс өткөрүштү, электрондук Мамлекеттик сатып алуулар порталында баары болуп 114 кулактандыруу берилген.

1-диаграммадан көрүнүп тургандай, долбоорлор боюнча 10 сатып алуу гана (же 38 долбоордун 26%) бир конкурстун алкагында өткөн. Натыйжада ЖӨБ органдары товарларды же жумуштарды жеткирүүгө келишимдерди өз убагында түзө алган эмес. Тогуз долбоор боюнча сатып алуулар экинчи же үчүнчү жолу ишке ашкан (ылайыгына жараша 23,7 пайыздан). Долбоорлордун бири боюнча конкурс он жолу өткөн.

Конкурстарды бир нече жолу өткөрүүнүн негизги себеби – алар конкурстун катышуучулары берген документтер квалификациялык талаптарга жооп бербегени үчүн жокко чыгарылган. Бул жерде конкурстун катышуучулары катары товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн ролун да белгилей кетиш керек. Сатып алуучу уюмдун бардык талаптары 100 пайызга аткарылганда, жеткирүүчү талап кылынган бардык документтерди толук көлөмдө бергенде гана конкурс өттү деп эсептелинет. Бул үчүн сатып алуулар боюнча адистер өз ишин мыкты билип, окуудан өтүп, сертификаттары болушу керек. Көпчүлүк учурда Конкурстардын катышуучулары сатып алуучу уюмдун төмөнкүдөй талаптарына жооп бере алышкан эмес (1-таблицаны караңыз).

## Кадыресе каталар жана аларды кантип болтурбай койсо болот?

Мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболору туруктуу билим алып турууну, сатып алуулар боюнча адистердин квалификациясын жогорулатууну, ошондой эле юридикалык коштоону жана консультацияларды талап кылган татаал процесс болгонун белгилей кетүү зарыл.

Программанын тажрыйбасы Долбоорго көп кезиккен каталарды аныктоого мүмкүнчүлүк берип, практиктерге бул каталарды четтетүү боюнча сунуштарды берип турат. Ошол эле маалда КР Финансы министрлигине караштуу Окуу борбору мамлекеттик сатып алуулар боюнча адистерди беш күн гана окута турганын айтпай коюуга болбойт. Борбордогу окуунун төрт жарым күнү теорияга жана болгон жарым күнү электрондук Мамлекеттик сатып алуулардын порталында практикалык ишке бөлүнгөн. Практика көрсөткөндөй, бул өтө аз убакыт, катышуучулар көп нерсени өздөштүрө албай калышууда. Натыйжада төмөн жакта сүрөттөлгөн көйгөйлүү маселелер келип чыгат.

***СУРОО. Порталга кулактандырууну берип жатканда Жумуштардын көлөмүнүн жана сатып алынып жаткан товарлардын тизмегинин Ведомостунун ордуна долбоордун локалдык сметасын же товарлардын баа таблицасын тиркесе болобу?***

ЖООП. Порталга кулактандыруу берип жатканда долбоордун локалдык сметасын же товарлардын баа таблицасын тиркегенге такыр уруксат берилбейт, себеби бааны сизге жеткирүүчү сунушташы керек.

***СУРОО. Товарларга жана жумуштарга кепилдикти жана кепилдик мезгилин сөзсүз эле талап кылыш керекпи?***

ЖООП. Конкурстун шарттарын киргизип жатканда товарларга жана жумуштарга кепилдикти жана кепилдик мезгилин дайыма талап кылыш керек. Себеби товарларды жеткиргенден кийин же жумуштарды аткарган соң, товарларды жана жумуштарды кабыл алуу боюнча тийиштүү акты-

*1-таблица. Сатып алуучу уюмдун талаптарына шайкеш келбеген учурлар*

| № | Туура келбегендик | Конкурстун талаптары | Комментарий |
|---|---|---|---|
| 1 | АЖА (Аткарылган жумуштардын актысы) берилген эмес | Эксплуатацияга берилген бир жана андан ашык курулуш объекттери боюнча башкы подрядчы катары иш тажрыйбасы бар болгонун тастыктаган маалыматты (берилген келишимдерге келишимдердин жана аткарылган жумуштардын актыларынын көчүрмөлөрүн) берүү. | Жумуштарды аткарууга келишим тиркелет, ал эми жумуштардын аткарылганын тастыктаган келишимге аткарылган жумуштардын актылары тапшырылбайт. |
| 2 | Бухгалтердик баланс тапшырылган эмес | Ыйгарым укуктуу органда күбөлөндүрүлгөн бардык тиркемелери менен кошо (акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчет, түшкөн пайдалар жана чыгымдар жөнүндө отчет, капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчет) ____-жыл үчүн бухгалтердик баланстын сканерден өткөрүлгөн көчүрмөсүн тапшыруу. | Бухгалтердик баланс тиркемелери менен кошо бир жыл же бир нече жыл үчүн талап кылынат. Бирок Конкурстун катышуучулары бухгалтердик балансты бардык жылдар үчүн толук бербейт же тиркемелерин кошпойт, же тиркемелерди толук тапшырбайт. |
| 3 | Финансы ресурстарына жеткиликтүүлүк жөнүндө маалыматтар берилген эмес | Өзүнүн жүгүртмө каражаттары бар болгонун тастыктаган маалыматтарды (алыш-бериш эсебинде акча каражаттарынын бар болгону тууралуу банктан көчүрмө), же насыя линиясына (линияларына) жетимдүүлүк тууралуу маалыматтарды (зайым (насыя) келишимдеринин көчүрмөлөрү), ошондой эле башка финансы ресурстары бар болгону тууралуу маалыматтарды тапшыруу. | Алыш-бериш эсебинде акча каражаттарынын бар болгону тууралуу банктан көчүрмө, же насыя линиясы жөнүндө келишим, же зайым (насыя) келишими, же башка финансы ресурстары бар болгону тууралуу маалыматтар берилбейт. |
| 4 | Соттук жана арбитраждык териштирүүлөр жөнүндө маалыматтар тапшырылбайт. | Конкурстун катышуучуларынын атынан мөөр басылган фирмалык бланкта кепил катын тапшырыш керек. Бул катта конкурстун катышуучусу ушул тапта же акыркы ____ жылда (жылдары) соттук териштирүүгө тартылганбы же жокпу деген маалымат камтылат. Эгерде конкурстун катышуучусу соттук териштирүүгө катышса, кепил катына ушул териштирүүлөргө тиешелүү болгон маалыматты, териштирүүгө катышкан жактарды жана мыйзамдык күчүнө кирген соттук акт боюнча талаштагы сумманы кошушу керек. | Кепил каты тапшырылбайт же юридикалык жактын жетекчиси соттолбогону тууралуу маалым кат гана тапшырылат |
| 5 | Конкурстун катышуучуларынын өзөктүк кызматкерлеринин квалификациясы тууралуу маалымат тапшырылбайт | Келишимди аткаруу үчүн сунушталып жаткан, тийиштүү чөйрөдө (кызмат көрсөтүүдө) иш тажрыйбасы бар адистер тууралуу маалымат тапшырылышы керек. Анда билими тууралуу документтердин, эмгек китепчесинин же жогоруда айтылган тажрыйбаны тастыктаган эмгек келишимдеринин (жарандык-укуктук келишимдердин) көчүрмөлөрү тиркелиши керек. Ошондой эле сатып алынып жаткан жумуштар милдеттүү түрдө сертификациялоого жатса, анда техникалык адистердин сертификаттарынын көчүрмөлөрү да тиркелүүгө тийиш. | Бул маалыматтар тапшырылбай келет. |

ларды түзүп жатканда талаштуу кырдаал пайда болгондо кыйынчылыктар келип чыгат.

***СУРОО. Эмне үчүн Келишимди аткарууну кепилдик камсыз кылууну (мындан ары – КАКК) талап кылыш керек?***

ЖООП. Ар бир конкурста Келишимди аткарууну кепилдик камсыз кылууну (мындан ары – КАКК) талап кылыш керек. КАКК түзүлгөн келишимге ылайык жүктөлгөн милдеттенмелерди аткаруу боюнча белгилүү бир кепилдик болуп берет. Себеби жеткирүүчү же подрядчы келишимдин шарттарын аткарбаганда сатып алуучу уюм жеңүүчү буга чейин берген КАККты кармап калып, кайтарбай коюуга укуктуу болот.

***СУРОО. Конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылуу (мындан ары – КТКК) Банк кепилдигинен эмнеси менен айырмаланат?***

ЖООП. Эч айырмаланбайт. Банк кепилдиги – бул Конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылуунун (КТКК) бир формасы. Ал конкурстун катышуучусуна кайсы бир банктан берилет жана сатып алуучу уюмга даректелүүгө тийиш. Ошол эле маалда текст Конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылуунун формаларына, көлөмүнө жана мөөнөттөрүнө шайкеш келүүгө тийиш.

***СУРОО. Конкурстук табыштамаларды баалоо үчүн кандай мөөнөттөр белгиленген?***

ЖООП. Конкурстук табыштамаларды баалоодо конкурстук комиссиялар “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” КР Мыйзамы менен белгиленген мөөнөттөрдү жана келишимди түзүү мөөнөттөрүн дайыма эле сактай беришпейт. Конкурстук комиссия конкурстук табыштамаларды кароо мөөнөтү табыштаманын күчүндө болгон мөөнөттүн үчтөн

экисинен ашпашы керек. Сатып алуучу уюм конкурстук табыштамалар күчүндө болгон мөөнөтү аяктаганга чейин баалоону жыйынтыктап, келишим түзүүгө жетишип калышы керек.

***СУРОО. Көз карандысыз ведомство аралык комиссияга даттануу берүүгө эмне себеп болушу мүмкүн?***

ЖООП. Конкурстук табыштамаларды четке кагууда конкурстук комиссия буга эмне себеп болгонун так жана айкын түшүндүрбөгөн, бул үчүн жүйө келтирбеген учурлар кездешет. Мындан улам Көз карандысыз ведомство аралык комиссияга даттанууга уруксат берилет.

***СУРОО. "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" КР Мыйзамынан тышкары, мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашырууда дагы кандай ченемдик укуктук актыларды колдонмого алууга болот?***

ЖООП. Практиктер өз ишинде негизинен "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" КР Мыйзамынын ченемдерин жетекчиликке алышат. Анткени бул мыйзамда сатып алууларды жүзөгө ашыруу процессиндеги эң негизги жана маанилүү аныктамалар, терминдер жана иш-аракеттер чагылдырылган. Ошол эле маалда сатып алууларды жүзөгө ашыруунун жол-жоболоруна карата дагы да деталдуу, терең жана ачык көрсөтмөлөрдү берген башка да ченемдик документтер бар. Мисалы, төмөнкүдөй документтерди айтса болот:

- Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 14-октябрындагы № 175-б Буйругу менен бекитилген Кызмат көрсөтүүлөрдү бир этаптуу, эки этаптуу, жөнөкөйлөтүлгөн усулдары жана бааны төмөндөтүү усулу аркылуу сатып алууга Стандарттуу конкурстук документтер.
- Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 14-октябрындагы № 175-б Буйругу менен бекитилген Жумуштарды бир этаптуу, эки этаптуу, жөнөкөйлөтүлгөн усулдары аркылуу сатып алууга Стандарттуу конкурстук документтер.
- КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 16-январындагы №10 "Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуудагы босоголук суммаларды бекитүү жөнүндө" Токтому;
- КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 25-мартындагы №150 "Кыргыз Республикасынын майыптар коомдорунун товарларын мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2015-жылдын 14-октябрындагы N 175-б Буйругу менен бекитилген Электрондук мамлекеттик сатып алууларды өткөрүү эрежелери жөнүндө жобо;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2015-жылдын 14-октябрындагы N 175-б Буйругу менен бекитилген Конкурстук табыштамаларды баалоо боюнча методикалык нускама;
- Мамлекеттик сатып алуулар департаментинин 2017-жылдын 23-январындагы №7/П "Мамлекеттик сатып алуулар системасындагы нускамалардын жана Техникалык регламенттердин тизмегин бекитүү жөнүндө" Буйругу;
- Мамлекеттик сатып алуулар департаментинин 2017-жылдын 30-июнундагы №47/П "Мамлекеттик сатып алууларга мониторинг жана баалоо жүргүзүү боюнча колдонмону бекитүү жөнүндө" Буйругу.

## Жеткирүүчүлөр алган пайда

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун чакан гранттар программасы 2018-жылы мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун өткөрүү бөлүгүндө сатып алуулар боюнча муниципалдык адистердин потенциалын гана жогорулатпастан, ошону менен бирге кызмат көрсөтүүлөрдү, товарларды жана жумуштарды жеткирүүчүлөрдүн да билимин жогорулатты. Практика көрсөткөндөй, конкурстарга ошол эле жеткирүүчүлөр катышат жана конкурс жокко чыгарылган учурда өз каталарын көрүп, экинчи жолкусунда болбосо да, үчүнчү жолу сөзсүз каталарын оңдошот. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору электрондук Мамлекеттик сатып алуулар порталында катталган жеткирүүчүлөрдүн санынын көбөйүшүнө да таасирин тийгизген. Айталы, Нарын облусунун Кочкор районундагы жеке ишкер айыл өкмөтү жарыялаган Конкурстарга катышуу үчүн Порталга жеткирүүчү катары катталган. Бул жеке ишкер айыл өкмөтүнүн конкурсунда жеңе албаса да, ал кийин башка сатып алууларга катышууга мүмкүнчүлүк алган.

## Гранттар машыктыргыч катары

Жогоруда айтылгандай, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары арасында мамлекеттик сатып алуулар жаатында бир топ суроолор бар. Бирок алга жылыштар бар экенин, электрондук Мамлекеттик сатып алуулар порталы улам жаңыланып, сатып алуулар боюнча адистердин көндүмдөрү жана тажрыйбасы да барган сайын көбөйүп жатканын да белгилей кетүү абзел.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Чакан гранттар программасы ЖӨБ органдары үчүн инвестициялык машыктыргыч катары пландалган. Бул жагынан алып караганда программа өз максатына жетти. Программанын жеңүүчүлөрү инфраструктураны өнүктүрүүгө жана кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууга багытталган, жергиликтүү бюджеттен алынган инвестицияларды жоопкерчиликтүү жана эффективдүү башкарууга мүмкүнчүлүк алышты. Алар эффективдүү менеджменттин принциптерин колдонууда: артыкчылыктуу муктаждыктарды аныктап, мыйзамдарга шайкеш келтирип, ачык-айкын кылып, келечектеги жыйынтык үчүн жоопкерчилик алышууда. M



*Ранние браки - проданное детство*
*Эрте никеге туруу - бул балалыкты сатуу*

# Кайырмак менен балыктын ортосунда калган соцкоргоо

**Лариса ЛИ**, ӨСИнин медиа-консультанты

2019-жылдын бюджетинде Кыргызстандын Өкмөтү чыгашалардын дээрлик жарымын социалдык тармакка багыттайт. Бирок бул баары бир жетишсиз.

“Ач адамдын курсагын тойгузуш үчүн ага балык эмес, кайырмак бер” деген белгилүү макал кыргызстандык аткаминерлердин да оозунан түшпөй калды. Алар калктын аялуу катмарларын колдоо тууралуу сөз болгондо эле бул макалды жаттап алгандай айтып калышат. Бирок бул бир караганда талашсыз болгон даанышман макалга социалдык маселелер жана финансы жаатындагы эксперт, буга чейин Эсеп палатасынын аудитору болуп иштеген Жамиля СОПУКЕЕВА кошулбайт.

– Бул жерде бир кайырмак менен эле иш бүтпөйт, - деп эсептейт эксперт Жамиля СОПУКЕЕВА. – Балык кармаганды үйрөнгөчө ачка адам өзү жана үй-бүлөсү кантип жашайт? Бул убакыт ичинде алар колдоого муктаж болушат да. Мамлекет ишти аягына чыгарышы керек – өндүрүш каражатын берип коюп, бир жолу жардам бербестен, ал адамга бутунан туруп кетүүгө мүмкүнчүлүктү кошо бериши керек. Мисалы, жөлөкпул бөлүп, балдарды бала бакчага орноштуруп дегендей. Бир сөз менен айтканда, социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн болгон пакетин колдонуш керек.

Мына ушундай чаралар менен гана жакырчылыкты жеңүүгө болот.



Жамиля СОПУКЕЕВАнын "Бюджет-2019: Социалдык коргоону каржылоо жана 2040-жылга чейин Туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясындагы артыкчылыктар" деп аталган презентациясы мына ушул темага арналган. Бул презентация менен ал 23-ноябрда Өнүктүрүү саясат институтунун пресс-сессиясында сөз сүйлөдү. Республикадагы калктын эң эле коргоосуз катмарларын колдоо көйгөйү өтө курч тургандыктан ӨСИ республикадагы жалпыга маалымдоо каражаттарынын көңүлүн ушул маселеге бурууну чечти. Бул үчүн ӨСИ "Калыс социалдык коргоо. Бул Кыргызстанда мүмкүнбү?" аттуу пресс-сессия өткөрдү. Иш-чара Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги аркылуу (SDC) Швейцариянын Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун алкагында өткөрүлдү.

Коомчулук экономиканын социалдык тармагына субсидияны көбөйтүүнү талап кылганда өкмөттүн эң эле кадыресе актануусу – "казынада акча тартыш болуп жатат". Бирок Эсеп палатасынын 2017-жылы республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзгөн аудити көрсөткөндөй, чыгашалардын корголгон беренелери 856 миллион сомго каржыланбай калган. Казынада каражат жетиштүү болгондо да мына ушундай көрүнүш келип чыкты! Аудиторлордун корутундусуна ылайык, бюджеттик каражаттардын негизги бөлүштүрүүчүлөрү өтүнмөлөрдө толук сумманы көрсөтпөгөндүктөн, же өтүнмөлөр толук толтурулбагандыктан мына ушундай көрүнүш пайда болду. Бирок факт бар – 856 миллион сом казынада козголбогон бойдон кала берди.

Ал арада үстүбүздөгү жылдын башынан бери Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине жарандардан 1135 арыз жана даттануу түштү. Алардын ичинен кайрылуулардын 30 пайызга жакыны мамлекеттик жөлөкпулга байланыштуу болсо, калганы жеңилдиктерди берүүгө, жардам көрсөтүүгө, мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдардын көйгөйлөрүнө жана башкаларга байланыштуу болгон. Мекемеге кайрылган арыз ээлеринин арасында акчасы Финансы министрлиги менен Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин ортосунда кала бергендер да бар болушу мүмкүн деп божомолдосо болот. Ал эми соцкоргоо тармагында "үнөмдөлгөн" акчанын суммасы 100 миллион сомдон ашат.

Республикада калктын эң аялуу катмарларын социалдык жактан коргоонун акыйкат системасын түптөө маселеси көптөн бери көтөрүлүп келатат. Президент Сооронбай ЖЭЭНБЕКОВ 2018-жылдын 1-ноябрында 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын Өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын жөн жерден бекиткен жок. Улуттук стратегияда бул маселеге бир кыйла көңүл бурулган. Негизгиси – өкмөт артыкчылыктарды аныктап алды. Алар: балдардын жана аялдардын кызыкчылыктарын коргоо жана илгерилетүү, социалдык кызмат көрсөтүүлөр жана социалдык заказ системасын өнүктүрүү.



Социалдык коргоо системасынын иши толугу менен үй-бүлөнү бекемдөөгө, энеликти жана балалыкты, эмгекке жарамсыз адамдарды колдоого багытталышы керек. “Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдардын социалдык интеграциясы ийгиликтүү болушу үчүн аларга жардам берип, өз потенциалын көрсөтө алышы үчүн бирдей шарттар түзүлүшү керек”, деп эсептешет оор турмуштук кырдаалда калган адамдардын кызыкчылыктарын сүрөгөн коомдук уюмдар. Ал эми оор кырдаалда калган адамдар республика боюнча жүз миңдеп саналат.

Ушул тапта 2019-жылга бюджет жөнүндө мыйзам долбоору бардык деңгээлдерде талкуулanып жатат. Пландалган 161,7 миллиард сомдук чыгашадан социалдык коргоого 13,8 миллиард сом жана социалдык жардамга 11 миллиард сом бөлүнүүдө. Бул көппү же азбы? Өлкөнүн башкы финансылык документинин авторлору бюджетти даярдап жатканда Улуттук стратегияга киргизилген социалдык артыкчылыктарды эсепке алыштыбы? Бүгүнкү күндө бул суроолор өтө маанилүү. Себеби тышкы гана эмес, ички да миграция өсүүдө. Өлкөдө жумушсуздуктун реалдуу деңгээли мурдагыдай эле жогору бойдон кала берүүдө.

Мурдагы жылдардагыдай эле өкмөт 2019-жылдын бюджети социалдык мүнөзгө ээ болгонун, себеби бул тармакты каржылоо чыгашалардын жалпы суммасынан 48 пайызды түзө турганын жарыялады. Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги 11,7 миллиард сом же республикалык бюджеттин чыгашаларынан болгону 7,3 пайызын алат. Ошол эле маалда расмий эсептер боюнча, социалдык жардамга муктаждардын саны 400 миң адамдан ашат. Балдардын жөлөкпулуна 5,3 миллиард же министрликтин бюджетинин 45 пайызын сарптоо пландалды. Ай сайын берилчү социалдык жөлөкпулга 3,4 миллиард сом же ведомствонун бюджетинин 30 пайызы каралган.

Социалдык жардам көлөмү жагынан өтө эле жупуну болгонун белгилей кетиш керек: жетим балдарга айына 2000 сом, кары адамдарга 1000 сом, мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарга – улууларга 2700 сомдон 4000 сомго чейин каралган. Бул акчага жашаса болобу? Бул риторикалык суроо. Бирок бул жарытпаган акча да көптөгөн муктаждарга жетпей калууда.

Акча жетпей жатканына жакында эле Бишкектеги Алтын-Казык жана Мурас-Ордо жаңы конуштарына барган жаңы эмгек жана социалдык өнүгүү министри Улукбек КОЧКОРОВ да өзү ынанды. Бул конуштарда негизинен ички мигранттардын үй-бүлөлөрү жашайт. Борбор калаага кошулбаган бул конуштарда статустун жоктугу ушул жакта жашаган чөнтөгү жука үй-бүлөлөрдүн мамлекеттик жөлөкпулдарды албай калуусунун негизги себептеринин бири.

– Аз камсыздалган адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү үчүн ар бир жаңы конушту документтердин негизинде шаардын кайсы бир районуна бекитип бериш керек, - деп айтты министр. – Мына ошондон кийин жашоочулар ай сайын жөлөкпул алып туруу өтүнүчү менен кайрыла алышат, ошондой эле социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү да алышат. Бул жылы “КРнын мамлекеттик жөлөкпулдары жөнүндө” Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилди. Жөлөк пул катталган жери боюнча эмес, иш жүзүндө жашаган жери боюнча дайындалат. Бул болсо мүмкүн болушунча көбүрөөк муктаж адамдарга кол сунууга шарт түзөт.

Бейөкмөт уюмдардын маалыматы боюнча, Бишкекте мындай үй-бүлөлөрдүн 88 пайызы мамлекет тарабынан колдоо көрбөй келет. Бул санды министр менен кошо жаңы конуштарды кыдырып жүргөн Балдардын (ички мигранттардын) укуктарын коргоо боюнча борбордун адиси Фатима САГИТОВА айтты. Адис жаңы конуштардын көпчүлүк жашоочуларына жардам берсе болот деп ишенет. Бирок бул жашоочулардын негизги көйгөйү – аларда керектүү маалыматка жеткиликтүүлүгү жок жана укуктук жактан сабатсыз.

– Эгерде соцкызматкерлер жок дегенде эки саат убактысын консультация берүүгө жумшаса, миңдеген үй-бүлөлөр документ алып, жөлөкпулга жетип, балдарын мектептерге жана бала бакчаларга орноштура алышмак, - дейт адис. – Мен юрист эмесмин, бирок бул чөйрөдө чоң иш тажрыйбам бар.

Эксперттин айтымында, ал турак массивдериндеги адамдарга эки сааттан акысыз консультацияларды берип турат. Натыйжада 9 айдын ичинде Келечек жана Дордой-Мурас конуштарында жашаган 154 наристенин ата-энеси балдарына жөлөкпул ала баштады. Өзгөчө мындай жардам жакырчылык деңгээли Бишкекке караганда бир кыйла жогору болгон алыскы айылдарда зарыл болуп турат. Бул айылдардын тургундарында маалымат болбогондуктан өздөрүнө тиешелүү болгон жардамды сурап кайрылышпайт. Муну көп жылдардан бери ушул маселени изилдеп келаткан ӨСИнин башкаруу төрайымы Надежда ДОБРЕЦОВА да тастыктады.

– Аймактарда социалдык корголбогондук өзгөчө көзгө урунат, - деп айтты ДОБРЕЦОВА журналисттерге. – Социалдык кызмат көрсөтүүлөр системасы жер-жерлерде өнүккөн эмес, ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары муну менен алектене алышпайт, себеби мындай ыйгарым укуктары жок. Буга карабастан жергиликтүү бюджеттердин социалдык өнүгүүгө жана коргоого кеткен чыгашалары туруктуу негизде өсүп жатат. Бул адамдардын жана турмуштук жагдайлардын басымынан улам болууда. Шаарлар майыптарга жардам берген борборлорду колдоого, селсаяктар үчүн жатаар жерди уюштурууга мажбур. Аларда мындай иштерди жасоого укугу болбосо да жасашууда. Себеби биринчи эле болуп аларга

жарам сурап кайрылышат эмеспи. Мындай учурда жетекчилер тобокелдикке барышууда, себеби эгерде прокуратура бузууларды аныктаса, жетекчилер оңбой калат.



Эксперттин айтымында, шаарлар арасында социалдык коргоону каржылоодо аймактык ажырым өтө чоң. Айталы, эгерде Нарында чыгашалар калктын жан башына 465 сомду түзсө, Кара-Сууда 17 сом болот. Мындан да чектен чыккан теңсиздикти соцкоргоого кеткен чыгашаларды айылдардын жергиликтүү бюджеттеринен каржылоодо байкаса болот. Мисалы, Талас облусунун Манас районунда 3 сомду, ал эми Нарын районунда 240 сомду түзөт.

Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги бардык калктуу конуштарды камтууга күчү жетпей жаткандыктан улам мына ушундай кырдаал түзүлдү. Министрликтин штатында болгону 865 кызматкер иштейт. Ошол эле маалда шаарлар жана айыл өкмөттөрү соцкоргоо иштерин аткарып, муну ачык, мыйзамдуу жасай алмак. Бул үчүн аларга финансы менен бекитилген ыйгарым укуктар өткөрүлүп берилиши керек. Өкмөт буга көндү, бирок парламент маселени чечүүдө кыймылдабай жатат. Бир топ жылдардан бери республикада мамкызмат көрсөтүүлөр жөнүндө мыйзам долбоору талкууланып келатканы менен, муз ордунан жылган жок.

Надежда ДОБРЕЦОВА муниципалитеттер-



дин жана айылдардын башчылары бул чөйрөдө аз ишти жасай аларын кошумчалады. Мисалы, 9-майда согуштун жана ооруктун ардагерлерине жардам берүү, кары адамдарды Карылар күнүндө куттуктоо, бир жолку жөлөкпул берүү – болду, ушуну менен чектелет. А бирок жашоо андан да оор тапшырмаларды берип жатпайбы, аларды чечүү үчүн бюджетте каражаттар каралган эмес.

– Ошентип, адамдарга жардам берүү үчүн алар болгон айла-амалдарды издешүүдө. Мисалы, бир шаарда селсаяктар түнөй турган жайды ачуу үчүн туристтик имиджди жакшыртуу боюнча долбоор иштеп чыгышкан, - деп айтып берди Н. ДОБРЕЦОВА. – Чыгашаларга “селсаяктарды талаптагыдай жүрүм-турумга үйрөтүү максатында тренингдерди өткөрүүнү” киргизишкен. Же күлөөрүңдү, же ыйлаарыңды билбейсиң. Мындай нормадан чыккан кырдаал көйгөйдү чечүүдө системага салынган мамиленин жоктугунан, парламенттин депутаттары мыйзамды кабыл албай жатканынан улам пайда болууда.

Бирок социалдык коргоо боюнча бардык эле тапшырмаларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кармата салган да туура эмес, - деп эсептейт Жамиля СОПУКЕЕВА. – Кырдаал ого бетер тереңдеп кетет, себеби бюджеттер жана мүмкүнчүлүктөр ар кайсы жерде ар кандай. Ошондо жакырлар ого бетер кыйналат, ал эми ички миграция күчөйт.

– Шаарлар гана кандайдыр бир деңгээлде соцкоргоо менен алектене алышат. Азыр айрым аткаминерлер жана депутаттар мамкызмат көрсөтүүлөрдү жергиликтүү маанидеги функцияга айландыруу идеясын көтөрүп жатышат. Бирок биз каршыбыз, - деп билдирди эксперт. – Ыйгарым укуктарды ресурстар менен кошо өткөрүп бериш керек. Бул чөйрөдөгү мамлекеттик саясат өкмөттө кала бериши керек. Өкмөт стандарттарды иштеп чыгууга тийиш. Адам кайсы жерде жашаганына карабастан, соцкоргоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдей пакетине ээ болушу керек.

Баса, жакында эле Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги ушул тапта өлкөдө майыптуулугу бар 29,9 миң бала жашай турганын, алардын ичинен 6 миң бала биринчи топтогу майыптарга кирээрин эсептеп чыкты. Алдын ала эсептөөлөргө ылайык, ата-энелерди жана ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдарды колдоо үчүн жыл сайын республикалык бюджеттен 420 миллион сомго жакын акча талап кылынат. Бирок бул мамлекеттин камкордугуна муктаж болгон адамдардын бир гана категориясы. Мындан тышкары көп балалуу үй-бүлөлөр, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар, жетим балдар жана башкалар да бар. Өкмөт, коомчулук булар үчүн да жооптуу. Себеби булардын баары биздин жарандар.



# Көк-Жар ААда жарандарды бюджеттик процесске тартуу жана жергиликтүү маанидеги маселелерди биргелешип чечүү практикасы боюнча тажрыйба алмашуу

**Гуляим ШАМШИДИНОВА,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси
**Абдилбоки ТОЛИПОВ,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Ош облусу боюнча аймактык координатору

**ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында 2018-жылдын 16-17-ноябрь күндөрү "Көк-Жар ААда жарандарды бюджеттик процесске тартуу жана жергиликтүү маанидеги маселелерди биргелешип чечүү практикасы" деген темада республикалык деңгээлде тажрыйба алмашуу сапары өттү. ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүн айыл өкмөтүнүн ишине мониторинг жана баалоо жүргүзүү системасын киргизүү көндүмдөрүнө практикада үйрөтүү сапардын негизги максаты болду. Жергиликтүү маанидеги маселелерди биргелешип чечүүдө ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттын биргелешкен ишинин ийгиликтүү практикасын жайылтуу үчүн мына ушундай көндүмдөр зарыл болчу. Иш-чара Көк-Жар айылдык аймагынын (Ош облусу-**

**нун Ноокат району) аянтчасында уюштурулду. Көкжардыктардын тажрыйбасын өздөштүрүү үчүн Ош жана Нарын облустарынын 26 максаттуу жана максаттуу эмес муниципалитеттеринин өкүлдөрү келишти. Катышуучулардын арасында АӨ башчылары, айыл өкмөттүн атынан долбоордун координаторлору, мониторинг жана баалоо топторунун (БМжБТ) төрагалары болушту. Иш-чарага жалпысынан 84 адам катышты, алардын ичинен 26сы – аялдар. Коноктор катары моргандардын атынан ЖӨБЭММАнын Ош облусу боюнча аймактык өкүлү, Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын жетекчисинин орун басары, ошондой эле жалпы маалымдоо каражаттарынын облустук жана райондук өкүлдөрү катышты. Долбоордун кызматкерлери жана кабыл алуучу тарап – Көк-Жар айыл өкмөтүнүн кызматкерлери жана айылдык кеңештин депутаттары иш-чаранын уюштуруучулары катары катышты.**

Көк-Жар ААнын ЖӨБ органы менен жергиликтүү жамаатынын ЭҮЖӨБОЖ Долбоору менен кызматташтыктын алкагындагы биргелешкен жыйынтык иши өтө кызыктуу жана мазмундуу көрсөтүлдү. АӨ башчысы Саттарали МИНБАЕВ, АӨ башчысынын орун басары Гүлчынар МАМАТОВА, АӨнүн Долбоордогу координаторлору Тойчубай ПИРМАТОВ жана Махабат МАМЫРОВА иш-чарага карата атайын даярдаган материалдарды кесипкөйлүк менен сунушташты. Катышуучуларга көрсөтүлгөн слайддарда өткөн бардык иш-чаралар боюнча маалыматтар камтылган. Мисалы, ЭҮЖӨБОЖ Долбоору менен кызматташтык тууралуу меморандумга кол коюу, артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктоо боюнча ЖМБА-иш-чараларын өткөрүү, коомдук бюджеттик угууларды жана чогулуштарды өткөрүү, чакан гранттар программасына катышуу, демилгелүү топторду (ДТ), мониторинг жана баалоо боюнча топторду (БМжБТ) түзүү, биргелешкен аракеттер планын (БАП) ишке ашыруу өңдүү иш-чаралар тууралуу маалымат берилди. БМжБТнын ишмердигинин жыйынтыгы чоң көңүлдү бурду. Бул топ кыска мөөнөттүн ичинде АӨнүн ишмердигине МжБ жүргүзүү процессинде чоң жыйынтыктарга жете алган. Муну менен топ эффективдүүлүгүн жана пайдалуулугун далилдей алды, БАПты аткарууда катализатор болуп берди.

### Көк-Жар ААда ЭҮЖӨБОЖ Долбоорун ишке ашыруудагы кыскача жыйынтыктар:

- 2017-жылдын июнь айында ЭҮЖӨБОЖ Долбоору менен кызматташтык жөнүндө меморандумга кол коюлган;
- жергиликтүү жамаатты бюджеттик процесске жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуу максатында 30 иш-чара өткөрүлгөн (8 ЖМБА-иш-чарасы, бир коомдук бюджеттик угуу, беш чогулуш, 8 окуу тренинги, беш жумушчу жолугушуу, бир БМжБ тобу жана бир ДТ түзүлдү). Бул иш-чараларга 2438 адам катышып, анын 1176сы (38,2%) аялдар болду;
- ЖМБА-иш-чарасында айылдык аймак боюнча сегиз артыкчылыктуу көйгөй аныкталды;
- артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча үч ДТ түзүлүп, БАП иштелип чыкты;
- эки долбоор гранттык программага катышып, 2 млн. сом утуп алды;
- 2019-жылга бюджет долбоору боюнча коомдук бюджеттик угуу өткөрүлүп, ага 350 адам (201 аял) катышты. Угууларда 113 сунуш түшүп, алардын ичинен 13 сунуш бюджетке киргизилди;
- муниципалдык сайт ачылып, айылдык аймакта беш маалыматтык такта орнотулду.

### Биргелешкен мониторинг жана баалоо топторун ишке ашыруунун жыйынтыктары

2017-жылдын октябрь айында БАПты иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ (ЖТ) түзүлгөн. ЖТга айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, айылдык кеңештин депутаттары, мекемелердин жетекчилери жана жамааттын лидерлери – жалпысынан 13 киши кирген. Аныкталган сегиз артыкчылыктуу көйгөйдүн негизинде жумушчу топ 2018-2019-жылдарга БАПты иштеп чыгып, анын жыйынтыктарын көкжардыктар тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучуларына тартуулашты. Төмөнкүдөй артыкчылыктуу көйгөйлөр чечилген: 870 000 сомго ичүүчү суу менен камсыздоо, 2 599 400 сомго мек-

| № | Көк-Жар айылдык аймагынын реквизиттери | | Муниципалдык менчик (саны) | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жалпы аянты | 16 107 кв. км | Мектеп | 8 |
| 2 | Облус борбору – Ош шаарынан аралыгы | 60 км | Бала бакча | 7 |
| 3 | КР борбору – Бишкек шаарынан аралыгы | 670 км | ФАП | 4 |
| 4 | Айылдардын саны | 6 | Маданият үйү | 1 |
| 5 | Калкынын саны | 21 981 адам, аялдар 59 пайызын түзөт | Китепкана | |
| 6 | Үй кожолуктардын саны | 3 568 | Спорт аянттары | 5 |
| 7 | АӨ аппараты | 30 адам (ону – аялдар) | Сейил бак | 1 |
| 8 | Айылдык кеңештин депутаттары | 31 адам (бешөө – аялдар) | Китепкана | 2 |
| 9 | Жалпы бюджети | 22 706 000 сом | | 29 |



тепте билим берүү шарттарын, 463 000 сомго мектепке чейинки билим берүү шарттарын жакшыртуу, ички жолдор – 755 000 сомго, электр жарыгы үчүн – 6 306 454 сомго, ЖӨБОнун ишинин ачыктыгы жана айкындуулугу (маалымат такталары, муниципалдык сайт, КБУ) – 1 239 000 сомго. БАПты ишке ашырууга кеткен чыгашалардын жалпы суммасы 8 614 900 сомду түздү. Бул акчанын ичинен жергиликтүү жамааттын акчалай салымы 866 300 сом, эмгек салымы 322 654 сом, демөөрчүлөрдүн жардамы – 310 000 сом, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун салымы – 2 108 000 сом, АРИС долбоорунун салымы – 11 000 сом болду.

Катышуучулар Көк-Жар ААнын ЖӨБ органынын жалпы ишинин жыйынтыгы тууралуу мүмкүн болушунча көбүрөөк суроолорду узатып, толук жооп алганы тажрыйба алмашуу сапарынын маанилүү бөлүгү болуп калды. Ошондой эле ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун юристинин эксперттик юридикалык корутундулары да ЖӨБ органдарынын ишиндеги өтө актуалдуу маселелер боюнча абдан пайдалуу болду.

**СУРОО. ЖӨБ органдарынын калк менен тыгыз иш алып баруусунун натыйжасында бүгүнкү күндө элдин ар кандай көйгөйлөр боюнча даттанууларынын жана кайрылууларынын саны азайган экен. Бул кантип мүмкүн болду?**

ЖООП. Мурда күн сайын эртең менен кабылдамада 10-20 киши чогулуп калчу, учурда бул сан бир кыйла азайды. Мунун себептеринин бири – биз элдин артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чындап чече алдык. Бул көйгөйлөрдү болсо ЖМБА-ишчараларынын алкагында тандап алганбыз. Алар: ичүүчү суу, жолдор, билим берүү мекемелери, көчөлөрдү жарыктандыруу. Ошондой эле жаңы конуштарда чоң көлөмдөгү жумуштар аткарылды. Буга кошумча, эл өзү да ушул көйгөйлөрдү чечүүгө жигердүү катышты. Мындан тышкары биз чогулуштарда жана коомдук угууларда эл алдында көбүрөөк отчет бере баштадык. Ар бир алты айылда маалымат такталары орнотулган, анда жасалган иштер тууралуу толук маалыматтар жайгаштырылган. Ошондуктан жыйынтыгы да мына ушундай болду. Мурда биз кайрылууларды пачкалап алып турсак, азыр бирин-серин эле даттануу түшөт.



**СУРОО. БАПты ишке ашыруу боюнча өтө масштабдуу иштер аткарылган экен. Бирок көйгөйлөр азайбайт эмеспи, дайыма эле айылдын улам бир муктаждыгы чыга келет. Болгондо да ар бир коомдук ишчарада адамдар улам**

**жаңы бир көйгөйлүү маселени көтөрүп чыгат. Жаңы артыкчылыктуу маселени кантип БАПка киргизгени жатасыңар жана алар СЭӨПда кантип чагылдырылат?**



ЖООП. Жыл соңунда айылдар боюнча өз-өзүнчө чогулуш өткөрүп, айылдык аймак боюнча бир жалпы жыйын өткөрөбүз. Бул чогулуштарда АӨ БАПты ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча элге отчет тапшырат. Ушул чогулуштарда элдин жаңы артыкчылыктуу көйгөйлөрү айтылат деп күтүлүп жатат. Мындан тышкары бир жергиликтүү жамааттын жаңы артыкчылыктуу көйгөйлөрүн аныктоо боюнча ЖМБА-иш-чараларын өткөрүүнү пландап жатабыз. Ошол эле схема боюнча жумушчу топ аркылуу элдин артыкчылыктарына жараша БАПты жаңылайбыз. БАП социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын бир бөлүгү болуп саналгандыктан, бардык артыкчылыктуу маселелер кандай болгон күндө да эсепке алынат.

**СУРОО. Электрдин жана көчөлөрдө жарыктын жетишсиздиги өңдүү көйгөйлөрдүн чечилиши жөнүндө баяндамада жергиликтүү бюджеттен тышкары элдин акчалай салымы 167 800 сом болгону айтылды. Мындай сумманы кантип чогулта алдыңар? ЖӨБ органы элди милдеттендирдиби же бул ыктыярдуу салымбы?**

ЖООП. Чогулуштарда, жыйындарда биз жашоочуларга ЖӨБ органдарынын бардык мүмкүнчүлүктөрү тууралуу, акча кайда жана кантип сарпталып жатканы, акча жетишсиз экени тууралуу кенен маалымат берип турдук. Жашоочулар өздөрү түрдүү варианттарды сунуштап, акчалай жана эмгек салым кошуу демилгелерин көтөрүп, акча чогултуу үчүн жооптууларды дайындашты. Биз өзүбүз да кайсы бир маселени чечип жатканда элден жардам сурайбыз. Албетте көйгөйлөрдү жергиликтүү бюджеттин эсебинен да чечип келатабыз. Мисалы, жергиликтүү бюджеттин эсебинен устундарды орнотуп, зымдарды өткөрдүк. Ал эми көчө чырактарын орнотуу жана электрге кошуу иштерин жашоочулар өздөрү жасашты. Чындап эле, мындай иштер адамдарды муниципалдык объекттерге олуттуу жана аяр мамиле жасоого милдеттендирет экен.

**СУРОО. Ичүүчү суу көйгөйүн чечүү боюнча пландарды айтып жатканда, сиз көлөмү 3000 м3 болгон көлмө куруу планына токтолдуңуз. Ушул тапта анын көлөмү канчалык жана суу кайдан келүүдө? Насостун жардамы менен чыгабы же булактардан өзү агып келеби? Эсептегичтерди орнотуу планыңызда барбы?**

ЖООП. Бизде көлөмү 300 м3 жана 1000 м3 болгон резервуарлар бар. Бирок бул көйгөйдү толук чечпейт экен. Себеби элдин саны өсүп жатат, жаңы конуштар пайда болууда. Ошондуктан элди таза суу менен 100 пайыз камсыздоо максатында биз көлмөнү 3000 м3 чейин көбөйтүүнү максат кылып, бул багытта иш жүргүзүп жатабыз. Насосторубуз жок, ошондуктан суу Абшыр-Ата дарыясынан өзү агып келет. Эсептегичтер тууралуу айта турган болсом, азырынча бир айылда гана орнотууну пландап жатабыз, ал да жашоочулардын эсебинен орнотулат. Себеби жергиликтүү бюджетте бул үчүн акча каралган эмес.

**СУРОО. Силер ААнын алты айылында трансформаторлорду орноткон экенсиңер, болгондо да жергиликтүү бюджеттен өтө чоң сумма – дээрлик 6 млн. сом бөлүнүптүр. Мындан улам бир суроо пайда болот: трансформаторлор кимдин балансында турат? Себеби акча жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн соң сатып алынган жабдуулардын баары муниципалитеттин менчиги болуп калабы?**

ЖООП. Ооба, чындап эле Ноокат районунда көпчүлүк жашоочуларда боло жүргөндөй эле бизде да уруксат берүүчү документтерге байланыштуу, электрге кошулууда көйгөйлөр жаралды. Ош шаарында электрге кошулуу үчүн РЭСтин балансына өткөрүп беришибиз керектигин бизге түшүндүрүштү. Атүгүл авария болсо да, эгерде алардын балансына өткөрүп бербесек, трансформаторлорду оңдоого укуктары болбойт экен. Ошондуктан биз бүгүнкү күндө бул маселени



чечүүнүн жолдорун издеп жатабыз. Себеби бул – элдин талабы. Эң көйгөйлүү маселени чечүү менен, биз айылдык аймактын басымдуу бөлүгүнүн талаптарын да канааттандыруудабыз. Биздин, ЖӨБ органдарынын милдети ушул эмеспи.

ЮРИСТТИН КОММЕНТАРИЙИ. Бул бардык муниципалитеттер үчүн өтө көйгөйлүү жана актуалдуу маселе. ЭҮЖОБОЖ Долбооруна ушул өңдүү өтө көп суроолор түшүп турат. Долбоордун адистери мыйзамдарды талдап чыгып, өлкөдө жаңы электр линияларынын курулушу үчүн жооп берген башкаруу органы же кандайдыр бир башка түзүм болбогонун аныктады. Ошону менен бирге Өкмөт бул чөйрөдөгү саясатты иштеп чыгуу менен, Энергетика министрлиги бул саясатты ишке ашыруу менен, Кыргыз Улуттук электр тармагы электр энергиясын өндүрүү менен, ал эми бөлүштүрүүчү компаниялар энергияны сатуу менен алектенип жатышат. Ошондуктан 2-3 жыл мурда Долбоордун адистери депутаттарга Мыйзам долбоорун иштеп чыгууга жардам беришкен. Бул Мыйзам долбоорунда КР Өкмөтүнүн/Энергетика министрлигинин ушул функцияны аткаруу үчүн жоопкерчилиги каралган эле. Тегерек стол талкуусу өтүп, анда энергетика министри бул маселе Энергетика министрлигинин жоопкерчилиги болушу керектигин тааныган. Мыйзам долбоору Жогорку Кеңештин кароосунан өтүп, ошол кездеги президент А.Атамбаевге кол коюуга жиберилген. Бирок ал вето койгон эле. Мыйзам долбоорунда жаңы электр линияларынын курулушун каржылоонун төрт варианты сунушталган: 1) негизги варианты – республикалык бюджеттин эсебинен каржылоо; 2) бөлүштүрүүчү компаниялардын эсебинен; 3) жергиликтүү бюджеттин эсебинен, бирок андан ары ошол каражаттардын ордун бөлүштүрүүчү компаниялар тарабынан толуктоо; 4) эгерде республикалык жана жергиликтүү бюджеттерде акча болбосо, анда жарандардын эсебинен, бирок келечекте берилчү товардын (электр энергиясынын) жардамы менен бөлүштүрүүчү компаниялар тарабынан ордун толуктоо. Бул туура чечим болмок. Мисалы, жолдор боюнча айтсак, Транспорт министрлиги бар, жолдор жана электр энергиясы менен камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүнүн ортосунда эч кандай айырма жок. Себеби бул ошондой эле инфраструктура болуп саналат, жаңы конуштарга, ар бир үйгө жолдорду кургандай эле, аларга устундарды орнотуп, электр линияларын да өткөрүп бериш керек. Андан соң электр



энергиясын устундан үйдүн ичине чейин жеткирүү процесси ошол үйдүн ээсинин милдети болуп саналат. Эгерде жаңы линияларды курбасак, анда өнүгүү да болбойт. Ушул тапта биз бул маселени кайрадан көтөрүп жатабыз. Ошону менен бирге аны кайрадан Жогорку Кеңештин кароосуна жиберебиз жана жаңылык болсо эле сөзсүз түрдө кабар беребиз. Ал эми азырынча ЖӨБ органдарынын жетекчилеринен бул маселеге олуттуу мамиле жасоону өтүнөбүз. “Жети өлчөп бир кескиле” деп эскерткибиз келет, анткени эртең эле текшерүүчү органдар “Эмне үчүн жергиликтүү бюджеттин каражаттары максаттуу пайдаланылган эмес?” деп доомат коюушу ыктымал.

## Көк-Жар ААнын БМжБ тобунун ишинин жыйынтыктары

Катышуучулар АӨнүн ишмердигине мониторинг жана баалоо (МжБ) жүргүзүү системасын киргизүү көндүмдөрүнө өзгөчө кызыгышты. БМжБ тобунун төрагасы жана мүчөлөрү максаттуу муниципалитеттердин өкүлдөрүнүн суроолоруна жооп беришти.

2017-жылдын декабрында Көк-Жар ААнын айылдык кеңешинин депутаттары БМжБ тобунун 11 кишиден турган тизмесин бекитишкен. Топко АӨ кызматкерлери, айылдык кеңештин депутаттары, мекемелердин (мектептердин жана бала бакчалардын) башчылары жана жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү киришкен. БАПтын негизинде БМжБТ мониторинг жана баалоо боюнча өз планын даярдаган. 2018-жылдын январь айынан тартып БМжБ тобу бекитилген планга ылайык өз ишин жигердүү баштаган. 2018-жылдын ноябрына чейин БМжБТ төмөнкүдөй иштерди аткарган: 1) мектептин жана бала бакчанын тегерегинде металлдан тосмону орнотуу процессине МжБ; 2) эки айылда суу өткөрүү системасын орнотуу процессине МжБ; 3) маалымат алмашуу борборунун капиталдык ремонтуна МжБ; 4) инновациялык мектеп-гимназиясынын капиталдык ремонтуна МжБ; 5) коомдук бюджеттик угууларды өткөрүү процессине МжБ. Ошондой эле БМжБ тобу эл арасында сурамжылоо жүргүзүү жолу менен кызмат көрсөтүүлөрдү баалаган. Мониторингдин жыйынтыктары боюнча жалпысынан 9 акт түзүлүп, аткарылган жумуштардын сапатын жакшыртуу боюнча үч сунуштама даярдалып, ЖӨБ органдары чара көрсүн деп үчөө тең кабыл алынган. Мындан тышкары БМжБТнын ишинин жыйынтыгы менен тааныштырган топтун төрагасы Махабат МАМЫРОВА өз тыянактары жана сунуштары, көйгөйлөрү жана келечекке пландары менен бөлүштү. Ал ЖӨБ органдары менен тыгыз кызматташтыкка, БМжБ тобунун мүчөлөрү айылдык кеңештин сессияларына жана БМжБ ишин так пландоого милдеттүү түрдө катышуусу керектигине өзгөчө басым жасады. БМжБ тобунун ишиндеги көйгөйлөр менен бөлүшүп жатып, МАМЫРОВА топтун мүчөлөрүнүн убактысы аз болгонун, интернет байланышы жоктугун, кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөр БМжБТнын мүчөсүнөн тек жайын тастыктаган документти талап кылып жатканын айтты. 2019-жылга карата пландар тууралуу айтсак, БМжБТ өз ишин планга жараша улантат жана топтун ишинин жыйынтыгы боюнча маалымат өнөктүгүнө көбүрөөк басым жасайт.



## Суроо-жооптордо мониторинг жана баалоо тобу

**СУРОО. Жылына канча жолу МжБ өткөрүп турасыңар? Б.а., объекттерди канча жолу кыдырасыңар? Мисалы, кээде ичүүчү суу үчүн трубаларды өткөрүү процессине мониторинг жүргүзгөндөн кийин БМжБТ аны кайрадан текшере албай калган учурлар болот. Ошондо силер эмне кыласыңар?**

ЖООП. БМжБТ өз ишин БАПтын негизинде даядалган пландын алкагында, б.а., долбоордун ишке ашырылышына жараша гана жасайт. Кээде гана зарылчылыкка жараша мониторинг жүргүзөт. Бирок негизинен МжБ процесси долбоорду ишке ашыра баштаганда, ортосунда жана аягына чыкканда жасалат. Бизде бардык протоколдор бар жана мониторинг жүргүзө албай калган учурлар



кол коем" дедим. Курулуштун аягында гана кемчиликтерди көрө калгыдай кесипкөй эмеспиз да. Ошондуктан объекттердин курулушу жүрүп жаткан учурда БМжБ тобунун иши өтө маанилүү. Антпесе, эртең эле адамдар "АӨ башчысы курулушту сапатсыз жүргүзүп, акчанын бир бөлүгүн кымырып алгандыктан кызматынан бошотулган экен" деп айтышы ыктымал. Ошол себептен подрядчы сапаттуу кызмат көрсөтүшү үчүн БМжБТнын мониторинг иштери канчалык зарыл жана маанилүү болгонун Көк-Жар ААнын тосмого байланышкан мисалы тастыктап турат.

болгон эмес. Тескерисинче, биздин топтун бардык мүчөлөрү объекттин жанынан өтүп баратып эле эмне болуп жатканына кызыгып баш багышат. Эгерде олуттуу маселе чыкса, анда биздин топ чукул чогула калып, расмий түрдө мониторинг жана баалоо жүргүзөт.

**СУРОО. МжБ өткөргөндөн кийин сиздин топ тосмонун пайдубалынын курулушун токтоткон экен. Андан соң подрядчы пайдубалдын 30 метрин кайрадан оңдоп чыгууга мажбур болуптур. Ушул тууралуу айтып берсеңиз.**

ЖООП. Жок, бизде бир ишти токтотууга жана "кайрадан жаса" деп мажбурлоого укугубуз жок. МжБ процессинде биз пайдубал сапатсыз курулуп жатканын аныктадык (курулуш нормалары бузулган, бетон эритмеси траншеяны казбастан куюлуп жаткан, бетон эритмеси майда кумдан даярдалып, ага ылай жана топ кошулган экен, мунун айынан пайдубалда жарака пайда болгон). Биз мунун баарын Актка киргизип, АӨгө жана айылдык кеңешке өткөрүп бердик. Чукул арада комиссия түзүлүп, ага ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун техникалык эксперти, АК депутаты, мектеп директору жана бала бакчанын башчысы, АӨ башчысы жана БМжБ тобунун мүчөлөрү кирди. Бул комиссия подрядчыны сапатсыз пайдубалды үч жумушчу күндүн ичинде бузууга милдеттендирди. Бардык кемчиликтер жоюлган соң БМжБ тобунун мүчөлөрү Долбоордун техэксперти менен кызматташтыкта подрядчы жасаган ишти кабыл алышты.

Биздин аймактагы бир мектептин аянтчасында кире бериште таманташ (брусчатка) төшөп чыгышкан. Подрядчылар документтерге кол койгону келгенде мен "техникалык көзөмөл жүргүзүлүп, БМжБ тобу МжБнын жыйынтыктарын чыгарганда гана кол коем" дедим.

**СУРОО. Эмне үчүн силердин БМжБ тобуңарга АӨ кызматкерлери жана АК депутаттары, билим берүү мекемелеринин (мектептердин жана бала бакчалардын) жетекчилери гана кирип калган? Карапайым тургундар кайда? Жок дегенде үчтөн бири жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү болушу керек эле. Айылдык кеңештин депутаттары карапайым элдин өкүлдөрү деп айтып келебиз. Бирок чындыгында депутаттар бийликтин таламын талашат да. Мисалы, биздин айылдык аймакта БМжБ тобунун үчтөн бирин карапайым элеттиктер түзөт.**

ЖООП. Практикада жергиликтүү жамааттын өкүлдөрүн БМжБ тобунда туруктуу иштөөгө ынандыруу оор экени белгилүү болду. Башында БМжБТнын курамында 11 киши бар болчу. Бирок төрт киши андан ары иштегиси келбей койду, ошондуктан топтун курамы жети адамга чейин азайды. Бүгүнкү күндө алар абдан жигердүү жана жакшы иштеп жатышат. Менимче мекемелердин жетекчилери да жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү болуп саналат.

ПИКИР. Бизде да ушундай эле көрүнүш: БМжБ тобунун курамында мамлекеттик мекемеде же ЖӨБОдо иштеген адамдар болуп калат, алар ишке жоопкерчиликтүү мамиле жасашат. Ал эми жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү каалаган учурда келип-кете берет же такыр эле көрмөксөнгө салып коет. Аларды ишке тартып, кызыктыруунун кандайдыр бир механизми барбы?

**СУРОО. Эгерде МжБнын бардык жыйынтыктарын АӨгө жана АКка өткөрүп берген күндө алар эч кандай чара көрбөсөчү? Мисалы, ай-**

**ылга асфальт төшөлдү, бирок сапаты өтө начар болуп калды дейли. ЖӨБ органдарынан эч кандай реакция жок. Мындай учурда силер эмне кыласыңар жана башка жогору турган маморгандарга кайрыла аласыңарбы?**

ЮРИСТТИН ЖООБУ. Кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчү тараптан бузуулар аныкталган учурда БМжБТ мүчөлөрү КРнын ар бир жаранындай эле каалаган маморганга, анын ичинде тартип коргоо органдарына да кайрыла алышат. Бул – бузууларды четтетүү максатында ар бир жарандын конституциялык укугу.

**СУРОО. Силердин БМжБ тобу өтө чоң иштерди жасаган экен. Ал эми топтун иши тууралуу маалыматты элге кантип жеткирип жатасыңар?**

ЖООП. Чогулуш жана жыйындарды өткөрүп жатканда биз бул иш-чараларга катышып, элге маалымат жеткирүүгө аракет кылабыз. Мындан тышкары алты айылдын ар биринде маалымат такталары илинген жана биз МжБнын жыйынтыктарын жарыялап турабыз.

**СУРОО. Көптөрдү БМжБ тобу кандай расмий документтердин негизинде мониторинг жана баалоо жүргүзө турганы кызыктырат. "Силер кимсиңер жана ишибизди текшергенге кандай укугуңар бар?" деп сурашат. БМжБ тобунун мүчөлөрүндө юридикалык ыйгарым укуктар жетишсиз болгон үчүн ушундай болуп жатабы? Мисалы, бизге текшерүүчүлөр келгенде биз да документтерди, анын ичинде күбөлүктү сурайбыз да. Балким, бизге да ушул өңдүү күбөлүк керектир?**

ЮРИСТТИН ЖООБУ: БМжБ тобунун курамын жана алардын иш планын силердин айылдык кеңештин депутаттары бекитиши керек. Мына ушул документтер БМжБ тобунун ишин жүзөгө ашыруу үчүн жетиштүү болот. БМжБ топтору пландалган ишмердиктин чегинен чыкпоого тийиш. Башкача айтканда, пландалбаган объектке мониторинг жүргүзө албайт. Күбөлүк тууралуу айта турган болсок, мыйзамдар ЖӨБ органдарына БМжБ тобунун мүчөлөрүнө мониторинг жүргүзүүгө укук берген документти берүүгө тыюу салбайт.

ПИКИР. Көк-Жар ААнын БМжБ тобунун мүчөлөрүнө ыраазычылыгымды билдиргим келет. Алар иштин сапатын жакшыртуу үчүн айыл өкмөтүнө чындап жигердүү жардам беришүүдө. Биздин БМжБ тобу да АӨ жана АК менен активдүү жана тыгыз иш алып барса деп каалайт элем. Бирок бүгүн көп нерсе депутаттык корпустан көз каранды болгонуна ынандым. Бул жакта АК депутаттары да, төраганын өзү да активдүү болгону жакшы. Бирок биздин депутаттар андай эмес, алар ыйгарым укуктары АӨ башчысын шайлап, бюджетти бекитүү менен эле чектелген деп ойлошот. Чынында бул жерде иш абдан көп, муниципалитет үчүн зарыл ченемдик укуктук актыларды даярдап, шайлоочулар менен тыгыз иш алып барып, аткаруу органынын ишине чыныгы көзөмөл жүргүзүп, бюджеттк процесске жана ЧУАны шайлоочулар менен талкуулоого жигердүү катышып, муниципалдык менчикти башкаруу, СЭӨП жана башка пландарды кабыл алуу жана ишке ашыруу жол-жоболоруна катышуу, б.а., айылдын күрөө тамырын кармап, бүтүндөй аймак үчүн мотор болуш керек.

## Коопсуз жана инновациялык мектеп

Тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучулары үчүн эки объект менен жеринде таанышып чыгуу да кызык болду. Бул жерде БАПты ишке ашыруунун алкагында артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча иштер жасалып, оң жыйынтыктар алынган. Объекттерди көргөн катышуучулар кыска мөөнөттүн ичинде жумуштардын сапаттуу аткарылышына таасирин тийгизген БМжБТнын ишине да күбө болушту.

Көкжардыктар конокторго биринчи кезекте айылдагы мектептин жана бала бакчанын аймагында орнотулган жаңы тосмону көрсөтүштү.





түзүү. Мындай аракеттин натыйжасында бүтүрүүчүлөр чоң ийгиликтерге жетип жатышат. Түзүлгөн шарттардын натыйжасында, биринчиден, 2017-жылы республикалык бюджеттен 9 миллион сомго капиталдык ремонт жасалган, терезелер толугу менен алмаштырылып, имараттын үч кабатында тең жаңы жылытуучу система орнотулган. Экинчиден, жергиликтүү бюджеттин эсебинен 130 000 сомго жана демөөрчүлөр берген 80 000 сомго видеокөзөмөл аркылуу коммуникациялык байланыш түзүлгөн: имараттын ичинде да, тышында да, класстарда жана коридорлордо 20 камера орнотулган. Мектепте болуп жаткандардын баары директордун кабинетиндеги экранда түз көрсөтүлүп турат. Директор сабак кантип өтүп жатканын, коридордо эмнелер болуп жатканын көрө алат жана зарыл болсо микрофон аркылуу билдирүү жасайт же тентектик кылган балдарды тыйып, алардын үнүн уга алат.

Көкжардыктар үчүн бул маселенин чечилиши чоң жетишкендик эле. Себеби буга чейин ал жергиликтүү элдин көйгөйлүү маселесине айланган эле. Ошондуктан ЖМБА-иш-чараларынын алкагында тосмо орнотуу – артыкчылыктуу маселе деп аныкталган. 20 жылдан бери балдардын коопсуздугу наристелердин ата-энелерин, мугалимдерди, бала бакчанын тарбиячыларын тынчсыздандырып келген. Айылдык мектептин аймагына өгүз кирип барып, баланы жарадар кылган эле. Ошондуктан 2018-жылы ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Чакан гранттар программасына катышуу үчүн артыкчылыктуу долбоорду тандап алуу боюнча чогулуш өткөн. Бул чогулушта эл сынына коюлган долбоорлордун ичинен "Балдардын коопсуздугу өз колубузда" долбоору эң көп добуш алган. Швейцария өкмөтүнөн 1 миллион сом гранттык каражат утуп алып, ага жергиликтүү бюджеттен 100 000 сом, демөөрчүлөрдөн 10 000 сом кошкон соң мектептин жана бала бакчанын тегерегинде металлдан 330 м. тосмо орнотулган. Мектептин директору Айсулуу ЖУМАБАЕВА буларды айтты: "Бүгүнкү күндө балдардын коопсуздугу маселеси ойго салбай калды, ушул жерде жашагандардын ар биринин жүрөгүн өйкөп келген кооптонуу жок болду".

Коноктор көргөн экинчи объект – Көк-Жар айылындагы гимназиялык класстары бар инновациялык мектеп болду. Мектептин директору Каныке КОЖОЕВА конокторду имараттын алдынан тосуп алып, билим берүүчү мекеменин тарыхы тууралуу кыскача айтып берди. Бул имарат 1976-жылы курулган жана бул жерде 1157 окуучу билим алат, 75 педагог эмгектенет жана 19 техникалык кызматкер иштейт. Мектептин педагогдору жана окуучулары үчүн негизги жетишкендик – билим алуу үчүн мүмкүн болушунча мыкты шарттарды

Мындан тышкары коноктогро 7-класстарда орнотулган интерактивдүү такталарды жана проекторлорду көрсөтүштү. Бул жабдуулар үчүн Азия өнүктүрүү банкы (АӨБ) 650 000 сом, Кытайдын Ош шаарындагы Консулдугу 127 000 сом бөлүп берген. АӨБдүн эсебинен 2 050 000 сомго эки жаңы компьютердик класс (кошумча оргтехника жана электрондук такталар кирген 33 комплект) ачылган. Бул инвестициялар конкурстарга катышкандан кийин келген: 100 мектептин ичинен отузу гана жабдуулар жана оргтехника түрүндө грант утуп алган эле. Жергиликтүү бюджеттен кошкаржылоо катары 130 000 сом бөлүнгөн. Катышуучулар коридорлордун жана класстардын жасалгаланганына көңүл бурушту. "Көрсөтмөлүү окуу китептерин жана маалымат такталарын алууга ким жардам берди эле?" деген суроого директор мунун баары демөөрчүлүк жардамдын эсебинен жасалганын, балдардын жакындары, тааныштары, достору жана ата-энелери жалпысынан 100 000 сомго эмгек салымын кошконун айтып берди. Такталар, көрсөтмө окуу китептери, картиналар жана сүрөттөр колго жасалган.

Жетишкендиктер тууралуу айта турган болсок, 2018-жылы "Алтын Тамга" сынагында мектептин эки бүтүрүүчүсү 190 балл алып, Ош облусу боюнча биринчи орунду ээлешкен. Бул бүтүрүүчүлөр өлкөнүн каалаган жогорку окуу жайында акысыз

билим алууга укук берген атайын аттестатка ээ болушкан.

Тажрыйба алмашуу сапарынын көпчүлүк катышуучулары үчүн бул күнү көргөндөрү сенсация болду. Элеттик мектептин жетишкендиктери биздин айылдын чыныгы эмгекчил каармандары үчүн чоң сыймык болуп эсептелинет. Бул каармандар – мектептин техникалык кызматкерлери, мугалимдери, директорлорунан баштап, АӨнүн жетекчилиги жана кызматкерлери, АК депутаттарына чейин өзүнүн кичи Мекенинин келечеги үчүн саат сайын жана күн сайын чоң жана чакан жеңиштерге жетүүдө. Даанышман адамдардын бири “Эгерде келечегиңди билгиң келсе, адегенде мектебиңди көргүн” деген экен. Анысы кандай, көкжардыктардын мектебин көргөн адам айылдык аймактын гана эмес, жалпы Кыргызстандын да келечеги бар болгонуна ынанчудай. Тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучусу ТОКТОНАЛИЕВА Айгүл (АӨ башчысынын милдетин аткаруучу, Нарын облусунун Чаек АА) мындай пикири менен бөлүштү: “Айылда ушунчалык заманбап жабдылган социалдык объекттер бар болгону таң калычтуу. Видеобайкоо системасы инновациялык мектепте, бала бакчада орнотулган, класстарда электрондук такта колдонулат экен. АӨ башчысы социалдык объекттердин (мектептердин жана бала бакчалардын) жетекчилерине түрдүү долбоорлор менен жигердүү кызматташып, инвестиция тартуу тапшырмасын койгону, кош-каржылоо катары жергиликтүү бюджеттен акча бөлүнгөнү өтө сонун! Көк-Жар ААнын ЖӨБ органынын жетекчилиги айылдагы билим берүүгө чоң көңүл бурганы абдан кубандырат. Ушундан улам айылдык аймактагы окуучулар райондук, облустук, республикалык деңгээлдердеги олимпиадаларда байгелүү орундарды ээлешүүдө. Бүгүнкү күндө жалпысынан өлкө боюнча билим берүү системасы көпчүлүк учурда чеке жылытпайт”.

## Мектептер тууралуу сурайбыз

**СУРОО. Силерде ушул мектепте гана инновациялык техника орнотулганбы?**

ЖООП. Жок, башка үч мектепте тең 1-2 электрондук такта бар.

**СУРОО. Жакында биздин мектепте да ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында электрондук такталарды орнотобуз. Силер бизге телефондон ошол такталарды колдонгонду үйрөтө аласыңарбы?**

ЖООП. Чынында, бул анчалык деле оор эмес, алардын өзүнүн диски болот, ошол дискти көрүп, тактаны кантип колдонуш керектигин үйрөнүп алса болот. Бул уникалдуу такта, ага электрондук калем менен гана эмес, кадимки ручка же сотка менен деле жазса болот, тактанын архивине өткөн сабакты сактап, окуу программаларын жүктөп, интернетке да кирсе болот. Электрондук тактанын ичинде проектор, процессор, монитор, клавиатура, видеокамера, азык сапсалгы, колонка жана бир принтер болот.

**СУРОО. Бул такталарды кайсы жылы алдыңар эле жана балдардын билим деңгээли боюнча кандайдыр бир прогресс байкалып жатабы?**

ЖООП. Биринчи такталар бизде 2015-жылы пайда болгон жана бүгүн олуттуу жетишкендиктер бар деп айтсак болот. Себеби балдарыбыз облустук жана республикалык олимпиадаларда байгелүү орундарды ээлей башташты, алардын ичинен экөө жалпы республикалык тесттен эң жогорку балл алышты. Инновациялар окуучулардын билимин өнүктүрүүдө абдан жардам берет деп ишенимдүү айта алабыз.

**СУРОО. Силер аккредитациядан өттүңөр беле?**

ЖООП. Ооба, биздин райондо 114 мектеп бар, алардын ичинен 31 мектеп гана аккредитациядан өткөн. Булардын катарында биздин да мектеп бар. Мектептердин рейтинги жалпы республикалык тесттин негизинде бааланат. Эгерде үч жыл мурда бизде орточо балл 106 болсо, бул жылы 130 балл болду. Мындай жетишкендиктерге инновациялык технологиялар таасирин тийгизди деп ишенимдүү айтам.

**СУРОО. Жалпы республикалык тесттин негизинде ЖОЖго өткөндөрдүн деңгээли боюнча өлкөдө эң төмөнкү көрсөткүчтү Ош облусу көрсөттү деп чогулуштарда угуп калабыз. Силердин көрсөткүчүңөр кандай болду экен?**

ЖООП. Бул жылы 56 бүтүрүүчүнүн ичинен алтоо гана 110 балл алып, жогорку окуу жайларына өтпөй калды. Мисалы, ОшМУ Ош облусу боюнча рейтинг жүргүзөт – кайсы мектептердин бүтүрүүчүлөрү көбүрөөк тапшырганын эсептеп турат. Бул рейтингде биздин мектеп экинчи орунда турат.

## Сапардын катышуучулары кандай тажрыйба алышты?

**САТАРОВ Эркин, Ак-Тал АӨ башчысы (Нарын облусу):** *“Бүгүнкү тажрыйба алмашуу сапары мен үчүн бурулуш окуя болуп калды. Себеби Көк-Жар айылдык аймагынын ЖӨБ органынын ишинин масштабы таң калтырды, үйрөнчү көп нерсеси бар экен. Бул аймакта билим берүү системасы жогорку деңгээлде турганын, гимназиялык класстары бар орто мектепте иш масштабдуу жана сабаттуу уюштурулганын, инновациялык технологиялардан баштап, мектептин ичиндеги коопсуздукка өтө чоң көңүл бурганга чейин окуучулар үчүн мүмкүн болушунча мыкты шарттар түзүлгөнүн белгилегим келет. БАПтын алкагында көп иштер жасалып, көпчүлүк артыкчылыктуу көйгөйлөр чечилген экен. Ал эми БМжБТнын иши “машина от алды” дегендей деңгээлге көтөрүлүптүр. Азыр эле*

*БМжБ тобунун иши жемишин бере баштаганын көрүүгө болот. Өз айылыма баргандан кийин командамды жана мекемелердин жетекчилерин чогултуп, ушул сапар маалында көргөндөрүмдүн баарын өз ишимде кантип колдонсо болорун ойлонобуз*".



**МОЛОДОГАЗИЕВ Максат, АӨ башчысы, Кара-Суу АА**: *"Мага Көк-Жар айыл өкмөтүнүн ынтымактуу командасы абдан жакты. Жамаатта бириккендикти, АӨ аппараты ичинде жагымдуу маанайды түзүп турган, АӨнүн ар бир кызматкерине дем берген жетекчинин салымын сезүүгө болот. Көк-Жар АӨ башчысы эмгек жолун жөнөкөй адис катары баштап, карьералык тепкичтен улам көтөрүлүп отуруп, жетекчилик кызматка чейинки жолду басып өткөн экен. Мындай жетекчи ЖӨБ органынын ички "ашканасын" түшүнөт, биринчи кезекте кайсы маселелерди кантип чечиш керектигин жакшы билет. Ошондой эле АӨ башчысы мектепте жана мектепке чейинки билим берүүнү өнүктүрүүгө көп күч-аракет жумшап, мекемелердин жетекчилигине инвестиция издөө тапшырмасын бергени, жергиликтүү бюджеттен да ушул үчүн акча бөлгөнү таасир калтырды. Бул мен үчүн жаңылык, муну өз ишимде сөзсүз колдоном"*.

**КОНУРБАЕВ Бердалы, айыл өкмөтүнүн долбоордогу координатору, Ылай-Тал АА**: *"Мен өтө чоң тажрыйба алдым, аны жетекчилигим жана кесиптештерим менен бөлүшөм. Бул сапарда көргөндөрүмдүн көбүн биздин иште да колдонсо болот деп ишенип турам. БМжБТнын иши кантип жолго коюлганы жакты, алдына койгон тапшырмаларды натыйжалуу аткарган ынтымактуу жамаат болгону сезилип турат. Ошондуктан мына ушундай оң жыйынтыктарга жетип отурушат. Жергиликтүү бийлик менен жергиликтүү жамаат ортосундагы өз ара мамиле жолго салынганы көрүнүп турат. Дээрлик ар бир мисалда акчалай же эмгек салымы түрүндө элдин катышуусу байкалат. Ушундан улам БАПтын алкагында артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн басымдуу бөлүгү чечилсе керек деп ойлойм"*.

## Корутунду

АӨ башчылары жана БМжБ топторунун төрагалары кесиптештеринин тажрыйбасы менен иш жүзүндө терең таанышып, өз ишин башкача баалай баштаганы тажрыйба алмашуу сапарынын эң чоң жетишкендиги болуп калды. Иш-чарадан кийин дээрлик баары ишке карата мамилени өзгөртүп, айылдык кеңештин депутаттарын жигердүү кошуп, инвестицияларды тартып, башка ЖӨБ органдары менен көбүрөөк маалымат алмашып, баарлашып туруу үчүн платформаларды түзүш керектигин айтышты. Түндүктөгү максаттуу муниципалитеттердин түштүктөгү муниципалитеттерге окуу сапарын уюштуруу чечими өтө пайдалуу жана натыйжалуу болду. Бул сапар көптөгөн катышуучулардын ЖӨБ органдарынын ишине жасаган мамилесине гана эмес, негизинен эле жашоо тартибине, турмуштук позициясына карата көз карашын, түрдүү аймактык маселелер боюнча элесин өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк берди. Негизгиси – бирдей эле маселелерди чечүүдө ар кандай ыкмаларды пайдалануу боюнча диалог түзүлүп, пикири алмашуу болду.

Тажрыйба алмашуу сапарынын көпчүлүк катышуучулары үчүн бул иш-чара эффективдүү таасир калтырды. Мисалы, үйүнө баргандан кийин нарындык катышуучулар – беш максаттуу муниципалитеттин өкүлдөрү тыгыз кызматташтык тууралуу макулдашып алышты. Алар кызматташтыкты муниципалитеттер ортосунда тажрыйба алмашууну уюштуруу жана ишке ашыруу аркылуу жасамай болушту. Бул үчүн кезек-кезеги менен бири-бирине барып, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча ийгиликтүү тажрыйба менен бөлүшүп турушат. Нарындыктардын айтымында, Көк-Жар айылдык аймагына болгон сапар ушунчалык катуу таасир калтыргандыктан, алар өз аймактарында олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизүү, өз ишин кайра карап чыгуу жана ЖӨБ органдарынын ичинде да, АӨ менен АК ортосунда да бекем байланыш түзүү тууралуу ойлоно баштышты.